**2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын жана анын түзүмдүк бөлүнүштөрүнүн ишине жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө отчет**

“Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, 2023-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш планына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын буйруктарына ылайык, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын адитору З.А. Сатаевтин жетекчилиги менен, курамында башкы мамлекеттик инспектор Ш.А. Абдибаитов, мамлекеттик инспекторлор К.О. Мамырканов, У.К. Калчаев, Г.А. Кубатбекова, тышкы адис Н. Ормоновтордон турган аудит тобу тарабынан 2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын (мындан ары - “Кыргыз темир жолу” УК” МИ) жана анын түзүмдүк бөлүнүштөрүнүн ишине шайкештик аудити жүргүзүлгөн.

**2022-жылга каржылоону бөлүштүрүүчүлөр болуп, төмөндөгүлөр эсептелишкен:**

Бардык өндүрүштүк-финансылык документтерге биринчи кол коюу укугу менен:

- “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин башкы директору:

- Сакиев А.А. - 25.06.2021-жылдан ушул кезге чейин;

“Кыргыз темир жолу” УК” МИнин башкы инженерлери:

- Кадыркулов Р.Ч. - 21.07.2021-жылдан 14.02.2022-жылга чейин;

- Спасский Р.М. - 14.02.2022-жылдан ушул кезге чейин;

Биринчи кол коюу укугу менен:

- Асамудинов Т.А. Финансы департаментинин начальниги - 05.07.2021-жылдан баштап иштеген, Бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук башкармалыгынын башкы бухгалтери 2023-жылдын 26-январынан тартып 2023-жылдын 19-апрелине чейин иштеген.

Экинчи кол коюу укугу менен:

- Финансы башкармалыгынын башчысынын орун басары Асылбекова К.А. – 15.09.2021-жылдан 2022-жылдын 19-сентябрына чейин иштеген;

- Бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук башкармалыгынын башкы бухгалтери Асылбекова К.А. 2023-жылдын 20-апрелинен тартып бүгүнкү күндө иштеп келүүдө;

- Бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук бөлүмүнүн башчысы Царенко И.А. – 2022-жылдын 12-декабрына чейин иштеген;

- Бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук бөлүмүнүн башчысы Ж.Ш. Токтогожоева 2022-жылдын 20-декабрынан 2023-жылдын 1-мартына чейин иштеген;

- Финансы башкармалыгынын отчеттуулук бөлүмүнүн башчысынын (башкы бухгалтер) орун басары Стаценко О.Ю. - 15.10.2021-жылдан тартып 2022-жылдын 29-августуна чейин иштеген, 2023-жылдын 2-мартынан баштап бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук бөлүмүнүн башчысы ушул кезде иштеп келүүдө.

**Жооптуу тараптар жана аудит объектиси**

Бул аудитке карата жооптуу тарап болуп, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги, ал эми аудит объектиси болуп, “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасы эсептелет.

**Жооптуу тараптын милдеттери**

“Кыргыз темир жолу” УК” МИнин ишин башкарууну Кыргыз Республикасынын Президентинин макулдугу менен, Кыргыз Республикасынын Премьер-министри тарабынан дайындалган жана бошотулган башкы директор ишке ашырат. Башкы директор “Кыргыз темир жолу” УК” МИге жүктөлгөн милдеттерди аткарууга жана иштин жыйынтыктарына жооп берет.

**Аудитордун милдети**

Аудитордун милдети, жүргүзүлгөн аудиттин негизинде ишкананын ишинин белгиленген критерийлерге туура келээри боюнча өз алдынча корутундуга келүүдө турат.

“Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 29-беренесине ылайык, аудитке берилген отчеттордун, документтердин, маалыматтардын ишенимдүүлүгү, объективдүүлүгү жана толук болушу үчүн жекече жоопкерчиликти “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин жетекчилиги жана кызматтагы адамдары тартат.

**Аудит предмети**

Аудиттин предмети болуп, “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин ишине бухгалтердик документтердин жана финансылык отчеттуулуктун төмөндөгү ченемдик документтерге туура келишин изилдөө эсептелет:

- 10.08.2018-жылдагы №90 “Салыктык эмес кирешелер жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Кодекси;
- 04.08.2004-жылдагы № 106 Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;
- 29.04.2002-жылдагы № 76 “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- 03.04.2015-жылдагы №72 “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 11-сентябрындагы №468 “Мамлекеттик ишканалардын ишин тартипке келтирүү тууралуу” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-февралындагы№ 46 “Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын айрым маселелери жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 “Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар (бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 2-майындагы №203 токтому менен бекитилген “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын Уставы;
- “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасы менен анын эмгек жамаатынын ортосунда түзүлгөн, 2020-2022-жылдарга эмгек келишими, Жамааттык келишимге карата №1-№9 тиркемелер;
- “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын ишин регламенттөөчү ички жана башка ченемдик документтер.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттары**

Иш-чара негизинен, ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы кайрадан каралган) шайкештик аудити жөнүндө жетектөөчү көрсөтмөлөргө ылайык, ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2018-жылдын 19-декабрындагы №01-26/123 жана 2021-жылдын 29-мартындагы №01-26/56 токтомдору менен бекитилген, Шайкештик аудити жөнүндө колдонмого ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга туура келиши**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык ченемдердин сакталышын, ошондой эле аудит предмети бардык олуттуу аспекттерде негизделген ишенимди алуу үчүн, аудитти пландоо жана жүргүзүү, мыйзамдуу жана жөнгө салуучу ченемдерге туура келишин талап кылат.

**Аткарылган иштерди кыскача баяндоо**

Аудиттин жүрүшүндө “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын ишмердүүлүгүнө тиешелүү ченемдик укуктук документтер, ички ченемдик документтер, финансылык отчеттуулук изилденген. Белгиленген тобокелдик деңгээлинин негизинде аныкталган тандоолордун өлчөмүнө ылайык маселелер каралды.

Аудит жыйынтыктарды тастыктоочу, жетиштүү талаптагыдай далилдерди алуу үчүн, жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аудит тарабынан аткарылуучу жол-жоболор бул жагдайларда ылайыктуу, чогултулган аудитордук далилдер, бул отчетто жазылган корутундулар үчүн, негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейбиз.

**Аудит объектисине кыскача мүнөздөмө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 2-майындагы №203 токтому менен “Кыргыз темир жолу" улуттук компаниясы" мамлекеттик ишканасынын Уставы бекитилген. Уставга ылайык, Мамлекеттик ишкана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана Устав менен белгиленген, темир жол менен ташууда Кыргыз Республикасынын калкынын жана экономикасынын керектөөлөрүн камсыз кылуусу темир жол транспорту маселесин жүргүзгөн юридикалык жак болуп эсептелет. Компаниянын уюштуруучусу болуп, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү саналат.

Компания толук чарбалык эсеп, өзүн өзү каржылоо жана өзүн өзү актоо принциптеринде иштейт, негизги жана жүгүртүүдөгү каражаттарга, өз алдынча бириктирилген балансréférences, банк мекемелеринде улуттук жана чет элдик валютада алыш-бериш эсептерине ээ.

“Кыргыз темир жолу” УК” МИнин башкы директорунун 10.03.2021-жылдагы, 30.04.2021-жылдагы жана 07.09.2021-жылдагы буйруктарынын негизинде, 2022-жылы түзүмдөр иштеген. Аудит үчүн объектини изилдөө учурунда, башкы директордун 17.02.2022-жылдагы буйругу менен бекитилген түзүм иштеп турган. 17.02.2022-жылдагы түзүмгө ылайык, “Кыргыз темир жолу” УК” МИда төмөндөгүдөй филиалдар иштеген:

- Түштүк бөлүмү;
- Локомотив чарбасы боюнча филиал;
- Жол чарбасы боюнча филиал;
- Вагон чарбасы боюнча филиал;
- Электр энергиясы, сигнализация жана байланыш менен камсыз кылуу боюнча филиал;
- Темир жол объектилерин жана ташылуучу жүктөрдү ведомстволук күзөт менен камсыздоо боюнча филиал;
- Жүктөөчү-түшүрүүчү иштерди камсыз кылуу боюнча филиал;
- Жүргүнчүлөрдү тейлөө боюнча филиал;
- Материалдык-техникалык камсыздоо боюнча филиал;
- Маалыматтык эсептөөнү камсыздоо боюнча филиал.

Түштүк бөлүмү, көрсөтүлгөн филиалдар жана жеке чарба (борбордук аппарат) аягына чыгарылбаган балансттарды түзөт, алар бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук башкармалыгы тарабынан “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин бириктирилген балансына топтолгон.

“Көпүрө куруу отряды” Мамлекеттик ишканасы өзүнүн Уставы, өзүнчө балансы бар юридикалык жак болуп эсептелет. Анын уюштуруучусу - “Кыргыз темир жолу”  УК” МИнин жана анын ыкчам баш ийүүсүндө турат. “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин топтолгон балансына кирбейт.

“Кыргыз темир жолу” УК” МИнин Уставы Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Бишкек шаарынын Юстиция башкармалыгында юридикалык жак катары кайрадан мамлекеттик каттоодон өтүп, ага 17.09.2008-жылы ГПР сериясындагы №0084526 күбөлүк берилген. Юридикалык дареги: 720009, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Лев

Толстой көчөсү, 83. Коду ОКПО 01085211.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-февралындагы .№ 46 токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасы 2021-жылдан тартып 2025-жылды кошо алгандагы мезгилде иштин жыйынтыгы боюнча бюджетке таза кирешенин 50 пайызын төлөөдөн бошотулган.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Мамлекеттик ишканалардын ишин тартипке келтирүү тууралуу” 2019-жылдын 11-сентябрындагы №468 токтому боюнча, “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин Уставын ушул токтомго ылайык келтирүү боюнча алты айлык мөөнөттө чаралар көрүлгөн эмес.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин “Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги жөнүндө” 2021-жылдын 1-июлундагы №55 токтому боюнча Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасы болуп иштейт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 11-сентябрындагы №468 “Мамлекеттик ишканалардын ишин тартипке келтирүү тууралуу” жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 1-июлундагы №55 “Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги жөнүндө” токтомдорунун талаптарын бузуу менен, “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин Уставын тиешелүү түрдө бекитүү жана юридикалык жак катары Кыргыз Республикасынын Юстиция органдарында кайрадан каттоодон өткөрүү жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуш**

“Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын Уставы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 11-сентябрындагы №468 “Мамлекеттик ишканалардын ишин тартипке келтирүү тууралуу” жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 1-июлундагы №55 “Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги жөнүндө” токтомдоруна ылайык келтирилсин.

Юридикалык жактарды мамлекеттик каттоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен каралган тартипте, “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасын, филиалдарды жана өкүлчүлүктөрдү милдеттүү мамлекеттик каттоодон өткөрүү жол-жобосу жүргүзүлсүн.

*Эскертүү:*

*“Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын Уставын кайра түзүү жана бекитүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбоору боюнча:*

*- 2021-жылдын 3-августунда “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын Уставын кайра түзүү жана бекитүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбоору (мындан ары- Уставдын долбоору) “Кыргыз темир жолу” УК” МИси тарабынан жеткире иштелип*

*чыгып, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникация министрлигине жөнөтүлгөн.*

*- Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникация министрлиги тарабынан 2021-жылдын 25-августунда Уставдын долбоорун Кыргыз Республикасынын министрликтерине жана ведомстволоруна макулдашууга жөнөтүлгөн. Макулдашылгандан кийин Уставдын долбоору Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин кароосуна киргизилген.*

*- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети "Балыкчы-Кочкор-Кара-Кече" темир жолунун курулушун ишке ашырууга байланышкан маселелерди эске алуу менен Уставдын долбоорун толуктап иштеп чыгуу зарылдыгы жөнүндө 2022-жылдын 7-мартында №18-27916 санындагы тапшырма берген. 2022-жылдын 14-майында "Кыргыз темир жолу" УК" мамлекеттик ишканасы Уставдын долбоорун толуктап иштеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникация министрлигине жиберген.*

*Ушуга байланыштуу Уставдын долбоору Кыргыз Республикасынын министрликтерине жана ведомстволоруна макулдашууга кайрадан жөнөтүлгөн.*

*- 2022-жылдын 30-августунда Кыргыз Республикасынын министрликтери жана ведомстволору менен макулдашылган жеткире иштелип чыккан Уставдын долбоору Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникация министрлиги тарабынан Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына макулдашууга жана бекитүүгө киргизилген.*

*- Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин экспертизалоо бөлүмүнүн башчысы Ж.Ж. Бакировдун 2023-жылдын 6-февралындагы № 18-783 тапшырмасынын негизинде, "Кыргыз темир жолу" УК" мамлекеттик ишканасын акционерлештирүү маселеси иштелип чыгууда, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2022-жылдын 14-декабрындагы № 445 буйругуна ылайык, 2023-жылдын 1-январына карата негизги каражаттарды инвентаризациялоо жүргүзүлдү, ошондой эле 2022-жылга карата мамлекеттик мүлктүн бирдиктүү реестиринде (ММБР) катталган негизги фонддордун түрлөрү боюнча мамлекеттик органдын түзүмү боюнча маалыматтардын жыйындысы өткөрүлгөн.*

*- инвентаризациялоонун натыйжалары Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникация министрлигинин алдындагы "Кыргыз темир жолу" улуттук компаниясы" мамлекеттик ишканасын акционерлештирүү маселесин чечүү үчүн мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча ыйгарым укуктуу органдын комиссиясынын алкагында кароо үчүн Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фондуна жөнөтүлгөн.*

## Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурунку аудитинин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктун жана сунуштардын аткарылышын талдоо

2019-жылдын 1-январынан тартып 2020-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата "Кыргыз темир жолу" улуттук компаниясы" мамлекеттик ишканасында жана анын түзүмдүк бөлүнүштөрүндө натыйжалуулук аудитинин элементтерин колдонуу менен жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан "Кыргыз темир жолу" УК" МИсине 2022-жылдын 11-августундагы 01-23/172 номурлуу 49 пункттан турган жазма буйрук жана 2022-жылдын 11-августундагы 01-23/173 номурлуу 40 пункттан турган сунуштама жөнөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйругунун жана сунуштамасынын аткарылышы төмөндөгүдөй:

- жазма буйруктун 3 пункту: 25, 29, 31-пункттары аткарылган эмес:

**Борбордук аппарат боюнча**

25-пункт. Материалдык жактан жооптуу адам Н.М Юрьевичтин эсебинен өздүк наркы 597,0 миң сом суммасында "Шкода Октавия" автоунаасын калыбына келтирүү, кирешени 597,0 миң сомго көбөйтүү, анын 50 %ын же 298,5 миң сомун республикалык бюджеттин кирешесине чегерүү боюнча бардык чаралар көрүлсүн.

29-пункт. Калыбына келтирилген 2783,4 миң сомдун ичинен 1391,7 миң сом (50%) алардын ордун толтурууга карата республикалык бюджеттин кирешесине чегерилсин.

31-пункт. Калыбына келтирилген 394 762,2 миң сом суммасынан 197 381,1 миң сом (50%) алардын ордун толтурууга карата республикалык бюджеттин кирешесине чегерилсин.

- жазма буйруктун 3 пункту: 1, 4, 37-пункттар жарым-жартылай аткарылган.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2022-жылдын 11-августундагы №01-23/173 сунуштамасы толугу менен аткарылган.

Ал эми 2021-жылдын 1-январынан тартып 2021-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата "Кыргыз темир жолу" улуттук компаниясы" мамлекеттик ишканасында жана анын түзүмдүк бөлүнүштөрүндө жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан "Кыргыз темир жолу" УК" МИсине 2023-жылдын 27-январындагы 01-20/5 номурлуу 15 пункттан турган жазма буйрук жана 2023-жылдын 27-январындагы 01-20/4 номурлуу 9 пункттан турган сунуштама жөнөтүлгөн.

2023-жылдын 27-январындагы 01-20/5 номурлуу жазма буйрук боюнча:

- 1 пункт: 4-пункт аткарылган эмес;
- 9 пункт: 2, 3, 5, 6, 7, 8, 9, 10, 15-пункттар жарым-жартылай аткарылган.

2023-жылдын 27-январындагы 01-20/4 номурлуу сунуштама боюнча:

- 1 пункт: 5-пункт аткарылган эмес;
- 2 пункт: 4, 8-пункттар жарым-жартылай аткарылган.

**Сунуш**

2019-жылдын 1-январынан тартып 2020-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата "Кыргыз темир жолу" улуттук компаниясы" мамлекеттик ишканасында жана анын түзүмдүк бөлүнүштөрүндө натыйжалуулук аудитинин элементтерин колдонуу менен жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2022-жылдын 11-августундагы 01-23/172 номурлуу жазма буйругунун аткарылбаган 25, 29, 31-пункттарын жана жарым-жартылай аткарылган 1, 4, 37-пункттарын аткаруу камсыздалсын.

2021-жылдын 1-январынан тартып 2021-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасында жана анын түзүмдүк бөлүнүштөрүндө натыйжалуулук аудитинин элементтерин колдонуу менен жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылдын 27-январындагы 01-20/5 номурлуу жазма буйругунун аткарылбаган 4-пунктун жана жарым-жартылай аткарылган 2, 3, 5, 6, 7, 8, 9, 10, 15-пункттарын аткаруу камсыздалсын.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылдын 27-январындагы 01-20/4 номурлуу сунуштамасынын аткарылбаган 5-пунктун жана жарым-жартылай аткарылган 4, 8-пункттарын аткаруу камсыздалсын.

## Өндүрүштүк көрсөткүчтөр

Кыргыз Республикасынын темир жол транспорту Евразия темир жол транспорт коридорлорунун, ошондой эле Европа, Азия жана Жакынкы Чыгыш өлкөлөрү менен байланышкан эл аралык темир жол транспорт коридорлорунун катышуучусу болуп саналат.

Узундугу 424,6 км болгон Кыргыз темир жолу географиялык жактан бөлүнгөн эки участоктон турат. Түндүк участок 323,4 км Балыкчы - Түрксиб (Казахстан), түштүк участок 101,2 км, Кыргызстандан коңшу мамлекеттердин - Казахстан менен Өзбекстандын темир жол тармагына чыгууну камсыз кылат. Кыргыз Республикасынын темир жолу боюнча 28 темир жол станциясы бар.

Кыргыз темир жолу жүргүнчүлөрдү эл аралык, ошондой эле ички республикалык каттамдарда ташыйт. 2022-жылы “Бишкек-Самара”, “Бишкек-Казань”, “Бишкек-Новосибирск” багыттары боюнча мамлекет аралык каттамдардын жүргүнчүлөрдү ташуусу, ташуу процессинин катышуучулары менен макулдашуу боюнча прицепсиз вагондорсуз жүрүп турган.

Эл аралык жүргүнчүлөр каттамы төмөндөгүдөй багыттар менен жүрөт: “Бишкек–Самара”, “Бишкек–Казань”, “Бишкек–Новосибирск”, “Ташкент-Рыбачье” (жайкы мезгилде өзбек составы). Республикалык ички жүргүнчүлөр каттамы: “Бишкек-1-Токмак”, “Бишкек-2-Каинды”, “Бишкек-Карабалта”, “Бишкек-Рыбачье” багыттар боюнча жүрөт.

***Темир жол инфра түзүмүнүн абалы***

Глобалдуу атаандаштык жөндөмдүүлүгү жөнүндө дүйнөлүк экономикалык форумдун баяндамасында, атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн глобалдуу индексинин негизинде атаандаштыкка жөндөмдүү өлкөлөргө баа берилген. Атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн компоненттердин бири болуп, инфра түзүм эсептелет.

Жогоруда баалоого ылайык, Кыргызстан 77 индекси менен төмөнкү сапаттагы өлкөлөрдүн категориясына киргизилген, мында, жагымдуу

рейтинг 30дан ашыкты түзбөйт. Кытай – 16, Казахстан Республикасы – 27, Тажикстан - 46, Пакистан - 60, Монголия – 73 индекске ээ.

***Жолдор: рельстер жана шпалдар***

Темир жол транспортун өнүктүрүүгө каржылоонун жетишсиздиги Кыргыз темир жолунун жол инфратүзүмүнүн кыйла эскирип, начарлашына жана темир жол инфратүзүмүн модернизациялоо жана оңдоо боюнча аткарылбаган иштердин көлөмүнүн топтолушуна алып келди.

Кыргыз темир жолунун жол инфратүзүмүнүн сапатынын начарлашы Кыргыз темир жолунун участкалык ылдамдыгынын төмөндүгүнүн негизги фактору болуп саналат, бул ишкананын ишин терс көрсөткүчтөргө алып келет.

Бүгүнкү күндө, Кыргыз темир жолунун негизги жолдорунун узундугу 424,6 км, башкача айтканда 849,2 км рельс түзөт. Мында эксплуатациядагы рельстердин 17 %ы же 146,4 км аралыгы ченемден ашыкча тоннажды өткөрүү менен алмаштырууну талап кылууда.

***Жүк ташуучу, жүргүнчүлөрдү ташуучу вагондор***

Жүк ташуучу вагон паркынын 60 %ы жараксыз абалда. Ишканада Бишкек шаарынын жылуулук энергия борбору (ТЭЦ) үчүн Рыбачье станциясынан көмүрдү социалдык маанилүү ташууну, ошондой эле “Кайыңды-Кант” ААКсы үчүн жана Кыргыз Республикасынын башка чарбалык субъекттери үчүн кант кызылчасын ташууну камсыз кылуу үчүн жарым вагондорду алуу маселеси курч турууда. Ошондой эле инвентардык жүргүнчү вагондордун жалпы паркынан 63 %ы иштен чыккан вагондордун паркы болуп саналат.

***Локомотивдер***

Кыргыз темир жолунда поезддердин кыймылы алты жаңы тепловоздон тышкары 40 жыл мурда курулган локомотивдер менен ишке ашырылат. Кыргыз темир жолунун негизги кыймылдаткыч күчү болгон көпчүлүк магистралдык тепловоздордун ченемдик иштөө мөөнөтү 1993-2001-жылдары аяктаган, бирок магистралдык тепловоздор дагы эле иштетилип жатат. Маневрдук тепловоздор боюнча да абал ушундай.

Кыргыз темир жолунун өндүрүштүк базасы татаал техникалык деңгээлдеги тепловоздорду капиталдык оңдоодон өткөрүүгө мүмкүндүк бербей турганын белгилөө зарыл (бир магистралдык тепловозду капиталдык оңдоого 65 млн. сомго жакын каражат керектелет). Бирок жаңы муундагы локомотивдерди алуу сүйрөтүүчү кыймылдуу курамды оңдоо жана тейлөө үчүн өзүнүн өндүрүштүк-техникалык базасын өнүктүрүү зарылчылыгы менен шартталган.

***Электр менен жабдуу, сигнализация жана байланыш***

Кыргыз темир жолундагы байланыш менен камсыз кылуу системасынын негизги көйгөйү болгон моралдык жактан эскирген аналогдук системасы бүгүнкү күндө сапаттуу байланышты камсыздай албайт. Бардык каналдар, тракттар жана жабдуулар аба жана кабелдик байланыш линияларын колдонуу менен курулган жана тез эскирүүгө жана бузулууга дуушар болот. Механикалык (кол менен) борбордук блокировкалоо системасын колдонуу

Кыргыз темир жол станциялык чарбасынын өткөрүү жөндөмдүүлүгүн жана ишинин натыйжалуулугун кыйла чектейт.

**Жүк ташуу**

Бүгүнкү күндө Кыргыз темир жолу өз ишинин натыйжалуулугун ачык көрсөтүү менен ишенимдүү түрдө өнүгүп жатат. Ошентип, 2022-жылы 2021-жылдын отчеттук мезгилине салыштырганда темир жол транспорту менен жүк ташуунун олуттуу өсүшү байкалат.

| **Көрсөткүчтөрдүн аталышы** | **2021-ж. эсеп** | **2022-ж. күтүлөт** | **2021-ж. эсебине % төлөм** | **+/-** |
|---|---|---|---|---|
| Жүк ташуу (млн.т.) | 1 003,1 | 1 013,8 | 101,1 | + 10,7 |
| Жүк ташылды (миң т.) | 7 660,5 | 8 022,0 | 104,7 | + 361,5 |
| Жүк жүктөө (миң т.) | 2 112,0 | 2 743,3 | 129,9 | + 631,3 |
| Жүк түшүрүү (миң т.) | 6 627,9 | 6 636,9 | 100,1 | + 9,0 |

2022-жылы 8022,0 миң тонна жүк ташылган, өсүү 2021-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 361,5 миң тоннаны түздү (2021-жылы 7660,5 миң тонна жүк ташылган).

Өсүү төмөнкүлөрдүн эсебинен камсыз кылынды:

экспорттун 134,1 %га өсүшү, анын ичинде:

- көмүр 180,9 %га (+364,6 миң тоннага),
- курулуш жүктөрү 195,1 %га (+33,1 миң тоннага),
- кант 915,6 %га (+35,5 миң тоннага) (Казахстандагы Мерке кант заводу),

2021-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу көмүрдү жергиликтүү каттамда ташуу 129,3 %га (+240,6 миң тоннага) жана башка жүктөрдү ташуу 247,5 %га (+11,1 миң тоннага) өстү.

Ошол эле учурда, 2022-жылдын отчеттук мезгилинде болжолдуу жүк жүгүртүү 1 013,8 млн тонна/км же 2021-жылдын отчетуна карата 101,1 %ды түзөт (2021-жылы– 1 003,1 млн. тонна км).

Ошондой эле, учурдагы жүк ташууларды сактоо жана Кыргыз темир жолундагы кошумча жүктүн көлөмүн көбөйтүү максатында төмөндөгү иштер жасалган:

2022-жылдын 1-январынан тартып Өзбек темир жолу тарабынан төмөндөгүдөй жеңилдиктер берилген:

- Өзбекстан Республикасынын аймагы аркылуу Кыргыз Республикасынын түштүк облустарына/түштүк облустарынан транзиттик жүктөрдү ташуу үчүн **35-50 % өлчөмүндө**;
- көмүрдү жана жыгачты импорттук ташууга **25%-50% өлчөмүндө**;
- "Өзбекстан темир жолдору" АКсынын бекеттерине импорттук ташууда күрүч, кумшекер, өсүмдүк майы, канаттуулардын этин, картошка, күн карама дандарын жана буудайды ташууга **50 %** өлчөмүндө, ал эми башка жүктөр үчүн **33 %** өлчөмүндө жеңилдиктер каралган.

2022-жылдын 1-январынан тартып Кыргыз темир жолу тарабынан төмөндөгүдөй жеңилдиктер каралган:

- экспорттук ташууда көмүрдү инвентардык парктын вагондорунда ташуу үчүн **40 % өлчөмүндө**;
- бардык каттам боюнча (көмүрдөн башка) жүктүн бардык түрлөрү үчүн **10 % өлчөмүндө**;
- Кашкар шаары (КЭР) аркылуу “Азия-Тынч океан өлкөлөрү-Кытай-Кыргызстан- Өзбекстан-Түркмөнстан-Азербайжан-Грузия-Европа” эл аралык мультимодалдык маршруту боюнча ташуулар үчүн **50 АКШ доллары** өлчөмүндөгү атайын тарифтер 2019-жылдын 20-ноябрында Ташкент шаарында темир жол администрацияларынын жетекчилеринин беш тараптуу жолугушуусунун протоколу менен бекитилген.

Бул чаралар Кыргыз темир жолу аркылуу жүк ташуу көлөмүн көбөйтүүгө мүмкүндүк берет.

Кыргыз темир жолунун 2022-жылы Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги менен жүк ээлери үчүн жагымдуу тарифтик шарттарды белгилөөгө багытталган биргелешкен иш-аракеттери, аны сактап калууга гана эмес, ошондой эле, Кыргыз темир жолу боюнча жүктөрдүн кошумча көлөмүн ташууну бир кыйла көбөйтүүгө өбөлгө түзгөн.

Көмүрдү автомобиль транспорту менен ташып чыгууга убактылуу чектөөлөр кабыл алуу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин өз убагында көрсөткөн жардамынын негизинде Кыргыз темир жолунун түштүк бөлүмү аркылуу көмүр экспортунун былтыркы жылга салыштырмалуу 180,9 %га (же 364,6 миң тоннага) көбөйгөн.

2022-жыл Кыргыз темир жолу үчүн Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан-Ооганстан багытында жүктөрдү контейнердик ташуу боюнча мультимодалдык долбоорду ишке ашыруунун башталышы болгон.

**Жүргүнчүлөрдү ташуу**

2022-жылы Кыргыз темир жолу тарабынан 268 687 жүргүнчү ташылган, анын ичинен 14 272 жүргүнчү эл аралык каттамда, 254 415 жүргүнчү ички каттамда ташылган.

2021-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу өсүш 13 487 жүргүнчүнү түздү (2021-жылы 255 200 жүргүнчү ташылган).

2022-жылдын 6-июнунан тартып эл аралык жүргүнчүлөрдү ташуучу поезддердин кыймылы жандангандыктан, Бишкек-Москва поезди Бишкек-Самара багыты боюнча өзгөртүлүп каттоо башталган.

Жүргүнчүлөрдү ташууну темир жол транспорту менен уюштурууда негизги артыкчылык ташуунун коопсуздугу жана жүргүнчүлөрдү ташуучу поезддердин жүрүү графигин аткаруу экендигин белгилей кетүү керек.

Туризмди өнүктүрүү жана жүргүнчүлөрдү ташуудагы комфортту жакшыртуу максатында “Кыргыз темир жолу” УК” мамлекеттик ишканасынын демилгеси менен 2022-жылы Бишкек-Рыбачье багытында эксперименталдык жүргүнчү вагону ишке киргизилген.

Жүргүнчүлөрдү ташуу географиясын кеңейтүү үчүн, 2022-жылдын 5 жана 6-сентябрында Германиянын “Lernidee Erlebnisreisen GmbH” туристтик компаниясынын өтүнүчү менен Россия жана Өзбекстан темир жолдорунун түзүмүнөн турган туристтик поезд макулдашылган жана ишке ашырылган.

Поезд Жибек-Жолу багыты боюнча Алматы-Бишкек-Рыбачье-Ташкент- Самарканд-Худжанд-Бухара-Ташкент багыты боюнча жүрдү.

**Маалымат үчүн:**

Учурда Кыргыз темир жолу ишканасы төмөнкү каттамдар боюнча жүргүнчүлөрдү ташууну жүзөгө ашырат:

1. Республика ичиндеги каттам:

- Бишкек-Токмок күн сайын, Бишкек - Кайыңды күн сайын жана Бишкек-Рыбачье жайында (2022-жылдын 17-июнунан 17-июлуна чейин жума, ишемби, жекшемби күндөрү, 2022-жылдын 18-июлунан 31-августуна чейин күн сайын).

2. Эл аралык каттам:

- Бишкек - Казань жумасына бир жолу, Бишкек - Самара жумасына 2 жолу жана Бишкек - Новосибирск 8 күндө 1 жолу дата боюнча.

## Кредиттердин, ссудалардын, займдардын жана гранттык каражаттардын пайдаланылышы

| № | аталышы | валюта | алынган күнү | Алынган кредит(долл. США/сом) | Валюта төлөнгөнү | 01.01.2022ж. калган калдык | Кредиттин негизги төлөнгөн суммасы | Кредиттин төлөнгөн пайызы | 2022-жылдын 31-декабрына калган калдык |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Россия-Кыргыз өнүктүрүү фонду | Долл<br>Сом. | 04.10.2017 ж.<br>26.04.2018 ж.<br>02.07.2018 ж.<br>31.10.2018 ж. | 4085000,0<br>1750000,0<br>124500,0<br>228000,0 | США<br>Сом | 2 580 379,4<br>218 709 348,8 | 910 722<br>77 575 106,5 | 86 914,6<br>7 413 483,5 | 1 669 657,2<br>143 056 228,9 |
| | Жыйынтыгы | | | 6187500,0 | | | | | |
| 2 | ОсОО «Кифа Трейдинг» | Долл<br>Сом. | 12.06.2020 ж. | 1 000 000 | США | 850 000<br>72 044 810,0 | 600 000<br>50 429 760,0 | 333 297,8 | 250 000<br>21 420 000,0 |
| 3 | Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги | Сом | 21.12.2021 ж. | 500 000 000 | сом | 500 000 000 | 71 428 571,2 | 500 000,0 | 428 571 428,5 |
| | **Баары** | Долл<br>Сом | | | | 3430 379,4<br>790 754 158,8 | 1510 722,24<br>199 433 437,9 | 86 914,6<br>8 246 781,4 | 1 919 657,2<br>593 047 657,4 |

1). Россия-Кыргыз өнүктүрүү фондусунан 2022-жылдын 1-январына карата карыздардын калдыгы 2 580 379,4 АКШ долларын (218 709,3 миң сом), 2022-жылдын 31-декабрына карата 1 669 657,2 АКШ долларын түзгөн.

2022-жылы Россия-Кыргыз өнүктүрүү фондусуна негизги карыз боюнча - 910 722 АКШ доллары (77 575,1 миң сом), пайыздар боюнча – 86 914,6 АКШ доллары (7 413,4 миң сом) төлөнгөн.

2). “Кифа Трейдинг” жоопкерчилиги чектелген коомунан 2022-жылдын

1-январына карата карыздын калдыгы 850 000 АКШ долларын, 2022-жылдын 31-декабрына карата 250 000 АКШ долларын түзгөн.

2022-жылы “Кифа Трейдинг” жоопкерчилиги чектелген коомунун негизги карыз боюнча – 600 000 АКШ доллары (50 429,7 миң сом), пайыздар боюнча 333 297,8 сом төлөнгөн.

3). Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 10-декабрындагы №326-б “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасына мамлекеттик колдоо көрсөтүү жөнүндө” буйругунун негизинде, 2021-жылы 7 жылдык төлөө мөөнөтү менен 500 млн. сом кредит Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан жылдык 0,1 пайызы менен, мөөнөтү өткөн карыз суммасына эсептелинүүчү жылдык 0,2 % финансылык санкция (туум) менен берилген. 2022-жылдын 1-январына карата карыздардын калдыгы 500,0 млн. сом болгон, жыл ичинде негизги карыз үчүн 71 428,5 миң сом жана 500,0 миң сом пайызы төлөнүп 2022-жылдын 31-декабрына карата 428 571,4 миң сомун түзгөн.

**Балыкчы-Кочкор-Кара-Кече темир жолун куруу боюнча**

Кыргыз Республикасынын Президентинин “2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы жөнүндө” 2018-жылдын 31-октябрындагы ПЖ № 221 Жарлыгына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин “Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу "Кыргыз темир жолу" улуттук компаниясы" мамлекеттик ишканасынын айрым маселелери жөнүндө” 2022-жылдын 1-февралындагы № 46 токтомунун 2 пунктунда Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасына бюджетке чегериле турган 2021-жылдан тартып 2025-жылды кошо алгандагы мезгилдеги ишкананын таза кирешесинин 50 пайызын “Балыкчы-Кочкор” темир жолунун курулушуна жана Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасын өнүктүрүүгө жумшоого уруксат берилген.

Балыкчы-Кочкор темир жолунун долбоордук-сметалык документтерине даярдоо “Технопарк” илимий-техникалык борбору менен келишими түзүлүп, темир жолунун долбоордук-сметасы биринчи этабында 0-5 километрге темир жолун курулуштун болжолдуу наркы 538,4 млн. сомго жана экинчи этабы 5-10-километрге 404,8 млн. сомго эсептелинген.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 28-февралындагы № 100 токтому “Балыкчы-Кочкор-Кара-Кече темир жолун куруу жөнүндө” чыгарылып, Балыкчы-Кочкор-Кара-Кече темир жолун куруу боюнча иштин заказчысы болуп “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасы, ал эми Балыкчы-Кочкор-Кара-Кече темир жолун куруу боюнча башкы подрядчы болуп “Кыргыз темир жолу” улуттук

компаниясы” мамлекеттик ишканасынын “Көпүрө куруу отряды” мамлекеттик ишканасы белгиленген.

“Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы" мамлекеттик ишканасынын 2021-жылга 1 479 912,0 миң сом жана 2022-жылы 1 311 310,0 миң сомго баланстык пайда менен чыккан.

Анын ичинен:

2021-жылга жылдык декларацияга ылайык, киреше салыгына 164 607,0 миң сом; 2021-жылга таза пайда 1 315 305,0 миң сомду түзгөн; пайданын 50 %ы 657 653,0 миң сомду түзгөн.

2022-жылга жылдык декларацияга ылайык, киреше салыгына 131 131,0 миң сом; 2022-жылга таза пайда 1 180 179,0 миң сомду түзгөн; пайданын 50 %ы 590 090,0 миң сомду түзгөн.

Ал эми, “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы" мамлекеттик ишканасы жогорудагы токтомдордун аткарылышы боюнча 2022-жыл ичинде Балыкчы-Кочкор темир жолунун курулушуна жалпысынан 303 572,3 миң сом чыгымдалган.

“Кыргыз темир жолу”" улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасы заказчы, ал эми “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын “Көпүрө куруу отряды” мамлекеттик ишканасы подрядчы катарында 2022-жылдын 12-апрелиндеги № 15-5/20 келишими түзүлгөн.

Жогорудагы түзүлгөн келишимдин 1.1 пунктуна ылайык, Башкы подрядчы ушул Келишимде белгиленген мөөнөттө Балыкчы-Кочкор-Каракече темир жолунун курулушунун алкагында 63 километр узундуктагы Балыкчы-Кочкор темир жолун куруу боюнча иштерди жүргүзүүгө милдеттенет, ал эми Заказчы Подрядчы тарабынан белгиленген тартипте аткарылган иштин жыйынтыгын кабыл алуу актылары менен кабыл алууга жана ушул келишимдин шарттарына ылайык төлөө милдеттенет.

“Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын бухгалтердик балансасында 2120 “Бүткөрүлбөгөн курулуш” эсептешүү эсебинде 303 572,3 миң сом көрсөтүлгөн.

Анын ичинен: Бүткөрүлбөгөн курулушка 299 565,8 миң сом жана 4 006,5 миң сому долбоор түзүүгө чыгымдалган.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын айрым маселелери жөнүндө” 2022-жылдын 1-февралындагы № 46 токтомунун 2-пунктун боюнча Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасына бюджетке чегериле турган 2021-жылдан тартып 2025-жылды кошо алгандагы мезгилдеги ишкананын таза кирешесинин 50 пайызын “Балыкчы-Кочкор” темир жолунун курулушуна жана Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасын өнүктүрүүгө жумшоого жалпысынан 2021-2022-жылдын пайдасы 1 247 743,0 миң сомду түзгөн, ал эми 2022-жыл ичинде 303 572,3 миң сомго

жана 2023-жылдын 1-июлуна карата 53 885,6 миң сом жалпысы болуп 357 457,9 миң сом чыгымдалып, жогорудагы токтомдун талаптары толук аткарылган эмес.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын айрым маселелери жөнүндө” 2022-жылдын 1-февралындагы № 46 токтомунун талаптары толук аткарууга алынсын.

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасы тарабынан “Балыкчы-Кочкор” темир жолунун өз убагында курулушуна көзөмөл жүргүзүлсүн.

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 11.09.2019-жылдагы №468 “Мамлекеттик ишканалардын ишин тартипке келтирүү жөнүндө” токтому менен бекитилген “Мамлекеттик ишканалар жөнүндө” Жобонун аткарылышы (мындан ары - Жобо)**

“Мамлекеттик ишканалар жөнүндө” Жобонун 30-пунктунун 2-пунктчасына ылайык, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча Фондунун төрагасынын макулдугу менен “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын 2022-жылдын 6-июнундагы № НОК-3223/10 буйругунун негизинде, 2022-жылдын 14-сентябрында башкаруу аппаратынын жана филиалдарынын штаттык расписаниелери бекитилип, 2022-жылдын 1-июлунан тартып күчүнө киргизилген.

***2022-жылга бюджеттин долбоору***

“Мамлекеттик ишканалар жөнүндө” Жобонун 30-пунктунун 3-пунктчасына ылайык, 2022-жылга бюджеттин долбоору, 2022-жылга бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчет, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча Фонду тарабынан бекитилген.

“Мамлекеттик ишканалар жөнүндө” Жобонун 30-пунктунун 3-пунктчасына ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 20-майындагы №258 токтому менен бекитилген, “2022-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын темир жол транспортун өнүктүрүүнүн негизги багыттарында” белгиленген, максаттарды, багыттарды жана параметрлерди жана өткөн жылга карата бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетту, ишкананын бюджетинин долбоору мамлекеттик мүлктү башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган менен белгиленген тартипте жана мөөнөттө бекитилген жана Кыргыз Республикасынын Жол жана транспорт министрлиги менен макулдашылган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Мамлекеттик ишканалардын ишин тартипке келтирүү тууралуу” 2019-жылдын 11-сентябрындагы № 468 токтому менен бекитилген Жобонун 30-пунктунун 5-пунктчасына ылайык,

2022-жылга ишкананын жетекчисинин жана анын орун басарларынын ишинин натыйжалуулугунун пландуу финансылык эмес негизги көрсөткүчтөрүн аткаруу боюнча Кыргыз Республикасынын Жол жана транспорт министрлигине аудит жүргүзүү мезгилине жогорудагы токтомдун талаптары боюнча убагында отчет берилип турган.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Мамлекеттик ишканалардын ишин тартипке келтирүү тууралуу” 2019-жылдын 11-сентябрындагы № 468 токтому менен бекитилген Жобонун 38-пунктунун 8-пунктчасына ылайык, “Кыргыз темир жолу” УК” МИде кызматкерлердин ишинин натыйжалуулугунун негизги көрсөткүчтөрү бекитилген эмес.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Мамлекеттик ишканалардын ишин тартипке келтирүү тууралуу” 2019-жылдын 11-сентябрындагы № 468 токтому менен бекитилген Жобонун 38-пунктунун 8-пунктчасына ылайык, “Кыргыз темир жолу” УК” МИда кызматкерлердин ишинин натыйжалуулугунун негизги көрсөткүчтөрү бекитилсин жана анын аткарылышына тиешелүү мониторинг жүргүзүлсүн.

**Бюджеттин пландалышын жана аткарылышын талдоо**

2022-жылга “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин ишинин финансылык жыйынтыктары төмөндөгүлөрдү түзгөн:

| Көрсөткүчтөр (миң сом) | 2021-жылга | 2022-жылга | Четтөө +/- |
|---|---|---|---|
| Пайда | 6 435 370 | 6 438 375 | 3005,0 |
| Башка кирешелер | 1 041 512 | 957 680 | 83832,0 |
| **Кирешелер, бардыгы** | **7 476 882** | **7 396 055** | **113837** |
| Пайдаланылган чийки заттар жана чыгым материалдары | 1 380 483 | 1 820 238 | 439 755 |
| Амортизациялоо боюнча чыгымдар | 273 108 | 267 513 | -5595 |
| Кызматкерлерди сыйлоо боюнча чыгымдар | 1 793 244 | 1 815 029 | 21785 |
| Социалдык камсыздандыруу боюнча чыгымдар | 301 231 | 303 894 | 2663 |
| Жана башка чыгымдар | 2 248 904 | 1 878 071 | -370833 |
| **Чыгымдар, бардыгы** | **5 996 970** | **6 084 745** | **87 775,0** |
| Салык төлөгөнгө чейинки киреше | 1 479 912 | 1 311 310 | -168602 |
| Киреше салыгы боюнча чыгымдар | 147 991 | 131 131 | -16860 |
| Жыл ичинде улантылган иш-аракеттен киреше | 1 331 921 | 1 180 179 | -185462 |

**Кирешелер.** 2022-жылга “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин 6 046 363,0 миң сом суммасында пландалган киреше алдында 7 396 055,0 миң сом киреше алган. Бул болсо, пландан 1 349 692,0 миң сомго көп, же киреше планын аткаруу 122,3 %ды түзгөн. 2021-жылга салыштырмалуу келип түшкөн каражаттар 1 888 981,0 миң сомго көбөйгөн.

Кирешелердин негизги бөлүгү операциялык иштен алынган кирешелерге туура келет, алар 2022-жылы 6 438 375,0 миң сомду түзгөн (кирешелердин жалпы көлөмүнүн 87,1 %) жана 2021-жылга салыштырмалуу 3005,0 миң сомго көбөйгөн.

Операциялык иштерден түшкөн кирешелердин негизги үлүшү ташуулардан түшкөн кирешелер түзөт, алар 2022-жылы 5 900 361,0 миң

сомду түзгөн же 2021-жылга салыштырмалуу 517 846,0 миң сомго азайган, анын ичинен: жүк ташуулардан 5 716 961,0 миң сом түшүп, 367 796,0 миң сомго азайган, ал эми жүргүнчүлөрдү ташуудан түшкөн киреше 183 400,0 миң сомду түзгөн, же 179 397,0 миң сомго көбөйгөн.

2022-жылга кошумча иштен алынган кирешелердин келип түшүүсү 387 088,0 миң сомду түзгөн, же 2021-жылга салыштырмалуу 120 259,0 миң сомго көбөйгөн.

2022-жылга жана башка операциялык иштерден алынган кирешелер 680 021,0 миң сомду түзгөн жана 2021-жылга салыштырмалуу 310 921,0 миң сомго азайган. 2022-жылга операциялык эмес иштерден түшкөн кирешелер 277 659,0 миң сомду түзгөн жана 2021-жылга салыштырмалуу 227 089,0 миң сомго көбөйгөн.

**Чыгымдар.** 2022-жылга "Кыргыз темир жолу" УК" МИнин чыгымдары пландалган 5 242 155,0 миң сом чыгымдар көлөмүнүн алдында 6 084 745,0 миң сомду түзгөн, бул болсо, 842 590,0 миң сомго көп, же чыгымдар планын аткаруу 116,1 %ды түзгөн. 2021-жылга салыштырмалуу чыгымдар 87 775,0 миң сомго көбөйгөн. Чыгымдардын абдан көп көлөмү, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатуунун өздүк наркына кирген операциялык иштер боюнча чыгымдарга туура келет. Алар 2022-жылы 5 552 050,0 миң сомду түзгөн, же 2021-жылга салыштырмалуу 596 022,0 миң сомго көбөйгөн.

2022-жылга башка операциялык иштер боюнча чыгымдар 473 373,0 миң сомду түзгөн, же 2021-жылга салыштырмалуу 372 794,0 миң сомго азайган. 2022-жылга башка операциялык эмес иштер боюнча чыгымдар 59 322,0 миң сомду түзгөн, же 2021-жылга салыштырмалуу 135 453,0 миң сомго азайган.

**Киреше. (Пайда)** 2022-жылга иштин жыйынтыгы боюнча "Кыргыз темир жолу" УК" МИси тарабынан 1 311 310,0 миң сом балансттык киреше алынган, бул 2021-жылга салыштырмалуу 168 602,0 миң сомго аз. Пландуу кирешени аткаруу 163,1 %ды түзгөн, же киреше боюнча план 507 102,0 миң сомго ашыкча аткарылган.

**Аныкталды жана корутунду**

Филиалдар, Түштүк бөлүмү жана жеке чарба өздөрүнүн балансатарына ээ, алар бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук башкармалыгы тарабынан "Кыргыз темир жолу" УК" МИнин бириктирилген балансына топтолот. Мында, "Бухгалтерия: Предприятие 1С.8,3" автоматташтырылган программа, түзүмдүк бөлүмдөрдүн маалыматтарына жетүү мүмкүнчүлүгүнө ээ, бирок, транспорттук документтерди иштеп чыгуу боюнча Технологиялык борборунун программасы (АРМ) менен бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук башкармалыгынын ортосунда "Бухгалтерия: 1С.8,3" автоматташтырылган программага байланышы жок.

**Сунуш**

"Кыргыз темир жолу" УК" МИнин транспорттук документтерди иштеп чыгуу боюнча Технологиялык борборунун программасын (АРМ)

"Бухгалтерия: 1С.8,3" автоматташтырылган программага байланыштырууга тез чаралар көрүлсүн.

***"Кыргыз темир жолу" улуттук компаниясы мамлекеттик ишканасынын жалпы дебитордук жана кредитордук карыздары***

"Кыргыз темир жолу" УК" МИсинин 2022-жылдын 1-январына карата жалпы дебитордук карызы 2 369 043,0 миң сом болсо, 2022-жылдын 31-декабрына 2 302 778,0 миң сомду түзгөн же 66 265,0 миң сомго азайган.

| ***Филиалдардын аты*** | ***дебитордук карыздар*** | | | ***кредитордук карыздар*** | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | ***2022-жылдын 1-январына*** | ***2023-жылдын 1-январына*** | ***салыштырмалуу +-*** | ***2022-жылдын 1-январына*** | ***2023-жылдын 1-январына*** | ***салыштырмалуу көбөйүү же азайуу*** |
| Локомотив чарба филиалы | 217 269 | 650 | -216619,00 | 14 259 | 15 618 | 1 359 |
| Жол чарба филиалы | 1 259 | 3 288 | 2029,00 | 19 044 | 8 963 | -10 081 |
| Вагон чарба филиалы | 24 355 | 24 997 | 642,00 | 20 641 | 21 239 | 598 |
| Эл.Энергия, сигнализация жана байланыш менен камсыздоо филиалы | 3 608 | 3 392 | -216,00 | 10 274 | 9 031 | -1 243 |
| Жүргүнчүлөрдү тейлөө филиалы | 2 733 | 2 464 | -269,00 | 9 131 | 14 404 | 5 273 |
| Маалыматтык эсептөөнү камсыздоо филиалы | 113 | 102 | -11,00 | 2 919 | 3 167 | 248 |
| Материалдык техникалык жактан камсыздоо филиалы | 331 538 | 153 787 | -177751,00 | 348 133 | 292 685 | -55 448 |
| Жүктөө-түшүрүү иштерин камсыз кылуу боюнча филиалы | 7 707 | 8 362 | 655,00 | 4 618 | 4 639 | 21 |
| Темир жол объектилерин жана ташылуучу жүктөрдү аскерлешкен күзөт менен камсыздоо филиалы | 1 279 | 829 | -450,00 | 9 708 | 8 351 | -1 357 |
| Мамлекеттик ишкананын туштүк бөлүмү | 13 448 | 14 148 | 700,00 | 40 554 | 47 077 | 6 523 |
| ГП НК КТЖ (собственное хозяйство) | 1 672 554 | 1 871 457 | 198903,00 | 1 156 844 | 828 880 | -327 964 |
| Транспорттук документтерди иштеп чыгуу боюнча Технологиялык борбору | 93 180 | 219 302 | 126122,00 | 389 405 | 410 318 | 20 913 |
| **Итого** | **2 369 043** | **2 302 778** | **-66265,00** | **2 025 530** | **1 664 372** | **-361 158** |

Анын ичинен:

Локомотив филиалынын дебитордук карызы 216 619,0 миң сомго, Материалдык-техникалык камсыздоо филиалынын карызы 177 706,0 миң сомго азайса, "Кыргыз темир жолу" УК" МИнин Жеке чарбасынын дебитордук карызы 196 608,0 миң сомго, "Кыргыз темир жолу" УК" МИнин

алдындагы транспорттук документтерди иштеп чыгуу боюнча Технологиялык борборунун дебитордук карызы 126 122,0 миң сомго көбөйгөн.

**Аныкталды жана корутунду**

“Кыргыз темир жолу” УК” МИнин Жеке чарбасынын дебитордук карызы 196 608,0 миң сомго көбөйгөндүгүн себеби, 2022-жылы “Кыргыз темир жолу” УК” МИсине караштуу Локомотив филиалынан “Океан Ойл” ЖЧКсынын 216 332,7 миң сомдук дебитордук карызы кайра “Кыргыз темир жолу” УК” МИсинин Жеке чарбасына өткөрүп бергендигине байланыштуу болгон. Азыркы учурда “Океан Ойл” ЖЧКсынын дебитордук карызын өндүрүү боюнча сот процесси жүрүүдө.

“Кыргыз темир жолу” УК” МИнин транспорттук документтерди иштеп чыгуу боюнча Технологиялык борборунун (ТехПД) аудитке берген маалыматы боюнча 2022-жылдын 1-январына карата жүк ташуучу 24 юридикалык мекеме-ишканалардын дебитордук карызы 93 180,0 миң сом болгон, анын ичинен: 68 588,5 миң сом негизги карыз жана эсептелинген туум 24 591,5 миң сомду түзөт, 2022-жыл ичинде жүк ташууга 5 530 697,6 миң сом эсептелип, 5 458 583,6 миң сом жыл ичинде төлөнгөн жана 2022-жылдын 31-декабрына карата 31 юридикалык мекеме-ишканалардын дебитордук карызы 219 302,0 миң сом калган, анын ичинен: негизги карыз 164 070,6 миң сомду, ал эми туум (пеня) 55 245,5 миң сомду түзгөн, дебитордук карызы 2,3 эсеге же 95 482,1 миң сомго көбөйгөн (туумдан тышкары).

Ал эми, “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин транспорттук документтерди иштеп чыгуу боюнча Технологиялык борборунун дебитордук карызы 126 122,0 миң сомго көбөйгөдүгүнүн себеби кээ бир мекеме-ишканалардын жүк-ташуу кызматынын акысын өз убагында төлөбөгөндүгүнөн келип чыккан.

Белгилей кетүүчү нерсе, “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин жооптуу кызматкерлеринин жүк ташуу кызматы боюнча мекеме-ишканалар менен жогорудагы түзүлгөн келишимдердеги көрсөтүлгөн талаптары толук аткарылбагандыктан, айдын аягында пайда болгон дебитордук карыздарды жойбой туруп кайрадан темир жол аркылуу жүк ташууга уруксат берилгендиктен, алдын ала төлөө болбогондугунан 2022-жылдын 31-декабрына дебитордук карыздар келип чыккан.

“Кыргыз темир жолу” УК” МИ менен ар бир ишкана-мекемелердин ортосундагы түзүлгөн типтүү келишимдин 2-беренесинде жүк ташуу үчүн төлөмдөр жана ага байланыштуу кызматтар транспорт документтерин кайра иштетүү үчүн Технологиялык борбор аркылуу алдын-ала төлөө жолу менен жүргүзүүлөрү каралган.

Ал эми, типтүү келишимдин 8-беренесинде төлөөчүнүн жеке эсеби боюнча айдын аягында дебитордук карызы пайда болсо, төлөөчүгө Технологиялык борбордун кийинки айга маалымат каты, жүктөө жана түшүрүү үчүн вагондорду берүү негизги карызды төлөөдөн, ошондой эле жеке эсебинде алдын-ала төлөөдөн кийин жүргүзүлүүсү көрсөтүлгөн.

“Кыргыз темир жолу” УК” МИнин Технологиялык борбордун жооптуу кызматкерлери, жүктөрдү ташуу жана коммерциялык иштери боюнча башкармалыгынын жана башка тийиштүү кызматкерлери өз милдеттерин так аткарбагандыгы үчүн жыл өткөн сайын дебитордук карыздары көбөйүүдө.

**Сунуш**

“Кыргыз темир жолу” УК” МИнин Технологиялык борбордун жооптуу кызматкерлери, жүктөрдү ташуу жана коммерциялык иштери боюнча башкармалыгынын жана башка тийиштүү кызматкерлери өз милдеттерин жана типтүү келишимдердин пункттарын так аткарбагандыктан, жыл өткөн сайын дебитордук карыздарды көбөйүүгө жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

“Кыргыз көмүр” мамлекеттик ишканасы менен 2017-жылдын 26-январындагы № 798 келишими боюнча 2022-жылдын 1-январына карата дебитордук карызы 1 346,2 миң сомду түзсө, жыл ичинде “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин көрсөткөн кызматтары үчүн 395 248,3 миң сом эсептелип, “Кыргыз көмүр” мамлекеттик ишканасы тарабынан 325 000,0 миң сом төлөнгөн, 2022-жылдын 31-декабрына 71 594,6 миң сомдук дебитордук карыз пайда болгон, же дебитордук карыз 53 эсеге көбөйгөн.

Ошондой эле, “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин тийиштүү кызматкерлери тарабынан алгылыктуу иш жүргүзүлбөгөндүктөн дебитордук карыздардын көбөйүүсүнө жол берилген.

**Сунуш**

“Кыргыз көмүр” мамлекеттик ишканасынын 71 594,6 миң сомдук дебитордук карыз боюнча “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин тийиштүү кызматкерлери тарабынан алгылыктуу иш жүргүзбөгөн кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

“Дуваташ Кей Джи” ЖЧКсы менен “Кыргыз темир жолу” УК” МИси 2022-жылдын 26-июлунда №185 келишими түзүлгөн. 2022-жылдын ичинде “Дуваташ Кей Джи” ЖЧКсына 11 777,8 миң сомдук темир жол кызматы көрсөтүлсө, алар жагынан 1 568,0 миң сомго акы төлөнгөн. 2022-жылдын 31-декабрына карата 10 233,5 миң сомдук дебитордук карыз пайда болгон.

Жогорудагы түзүлгөн келишимдин талаптары толук аткарылбастан дебитордук карыздар көбөйгөн.

**Сунуш**

“Дуваташ Кей Джи” ЖЧКсы 10 233,5 миң сом дебитордук карыздарын өндүрүлбөстөн туруп, 2022-жылдын 26-июлунда №185 түзүлгөн келишимдин талаптарын так аткарбаган “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин тийиштүү кызматкерлеринин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

“Нарктоо” ЖЧКсы менен “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин ортосунда 2015-жылдын 15-декабрындагы № 762 жана 2022-жылдын 10-ноябрындагы №217 келишимдери түзүлгөн. “Нарктоо” ЖЧКсынын 2022-жылдын 1-январына карата дебитордук карызы 9 694,4 миң сом болсо, жыл ичинде

аткарылган иштердин кызмат акысы 3 560,0 миң сом эсептелинип, жыл ичинде 3 720,0 миң сом төлөнгөндөн кийин, 2022-жылдын 31-декабрына карата дебитордук карызы 9 534,5 миң сомду түзгөн.

“Нарктоо” ЖЧКсынан дебитордук карызды өндүрүү боюнча материалдары боюнча аудитке “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин юридикалык бөлүмүнүн 2023-жылдын 22-августундагы №13-4/72 катында соттук аткаруучулар кызматына берилгендигин билдирет.

**Сунуш**

“Нарктоо” ЖЧКсынын 9 534,5 миң сомдук дебитордук карыздары өндүрүлбөстөн туруп, 2015-жылдын 15-декабрындагы № 762 жана 2022-жылдын 10-ноябрындагы №217 түзүлгөн келишимдердин талаптарын так аткарбаган “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин тийиштүү кызматкерлеринин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

“Пандж Шер” ЖЧКсынын 2022-жылдын 1-январына карата дебитордук карызы 6 983,1 миң сом болсо, жыл ичинде 27 956,3 миң сом чегерилген, 19 000,0 миң сом төлөнгөн, 2022-жылдын 31-декабрына дебитордук карыз 15 939,3 миң сомду түзгөн, же 128,2 %ке 8 956,2 миң сомго көбөйгөн.

“Пандж Шер” ЖЧКсынан дебитордук карызды өндүрүү боюнча материалдары боюнча аудитке “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин юридикалык бөлүмүнүн 2023-жылдын 22-августундагы №13-4/72 катында соттук аткаруучулар кызматына берилгендигин билдирет.

**Сунуш**

“Пандж Шер” ЖЧКсынын жылдын башына караганда дебитордук карызын 8 956,2 миң сомго көбөйгөнгө жол берген “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин тийиштүү кызматкерлеринин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

“Берекет кен” ЖЧКсынын 2020-жылдын 1-сентябрынан бери дебитордук карызы 3 853,8 миң сомду түзөт. “Берекет кен” ЖЧКсынын дебитордук карызын өндүрүү боюнча материалдар соттук аткаруучулар кызматына берилген.

“Евратэк” ЖЧКсынын 2020-жылдан берки дебитордук карызы эч өзгөрүүсүз болуп, 1 071,5 миң сомду түзөт. “Евратэк” ЖЧКсынын дебитордук карызын өндүрүү боюнча материалдар соттук аткаруучулар кызматына берилген.

“АГК Тоо Инвест” ЖЧКсынын 3 629,2 миң сомдук дебитордук карызы 2018-жылдан бери эч өзгөрүүсүз кала берген. “АГК Тоо Инвест” ЖЧКсынын дебитордук карызын өндүрүү боюнча материалдар соттук аткаруучулар кызматына берилген.

“Айрат Инвест” ЖЧКсынын-5180,7 миң сомдук дебитордук карыз 2018-жылдан бери пайда болгон. “Айрат Инвест” ЖЧКсынын дебитордук карызын өндүрүү боюнча материалдар соттук аткаруучулар кызматына берилген.

“Криолла” ЖЧКсынын дебитордук карызы 317,0 миң сомду түзөт жана ал 2018-жылдан бери пайда болгон. “Криолла” ЖЧКсынын дебитордук

карызын өндүрүү боюнча материалдар соттук аткаруучулар кызматына берилген.

“Континент логистик” ЖЧКсынын дебитордук карызы 1 813,4 миң сомду түзөт, ал 2020-жылы пайда болгон. “Континент логистик” ЖЧКсынын дебитордук карызын өндүрүү боюнча материалдар соттук аткаруучулар кызматына берилген.

“Мин куш Коул Индастри” ЖЧКсынын дебитордук карызы 2019-жылдан пайда болуп, 1 731,6 миң сомду түзөт. “Мин куш Коул Индастри” ЖЧКсынын дебитордук карызын өндүрүү боюнча материалдар соттук аткаруучулар кызматына берилген.

“Амин групп” ЖЧКсынын 2022-жылдын 1-январына карата дебитордук карызы 12018,7 миң сомду түзөт, 2022-жылы 10974,8 миң сом эсептелген, 7607,9 миң сом төлөнгөн. 2022-жылдын 31-декабрына карата 15 385,6 миң сомдук дебитордук карыз пайда болду. “Амин групп” ЖЧКсынын дебитордук карызын өндүрүү боюнча материалдар соттук аткаруучулар кызматына берилген.

“Меридиан логистик Сервис” ЖЧКсынын дебитордук карызы 2018-жылдан бери 3 146,4 миң сомду түзөт. Материалдар соттук аткаруучулар кызматына берилген.

“Ак-Жол көмүр” ЖЧКсынын дебитордук карызы 2019-жылдан бери пайда болуп, анын суммасы 1251,4 миң сомду түзөт. Материалдар соттук аткаруучулар кызматына берилген.

“Дас транс” ЖЧКсынын келишимди так аткарбагандыктан жана алдын ала төлөбөгөндүктөн 2022-жылдын ичиндеги дебитордук карызы 1637,4 миң сомду түзгөн. Материалдар соттук аткаруучулар кызматына берилген.

“Кыргыз темир жолу” УК” МИси тарабынан жогорудагы көрсөтүлгөн жоопкерчилиги чектелген коомдорунун дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча материалдар соттук аткаруучулар кызматына берилгени менен, соттук аткаруучулар кызматы тарабынан дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча бүгүнкү күнгө чейин жыйынтыктары чыга электигин аудит белгилейт.

**Сунуш**

“Кыргыз темир жолу” УК” МИсинин юридикалык бөлүмү тарабынан төмөндөгү жоопкерчилиги чектелген коомдордон: “Берекет кен” ЖЧКсынан 3 853,8 миң сомдук, “Евратэк” ЖЧКсынан 1 071,5 миң сомдук, “АГК Тоо Инвест” ЖЧКсынан 3 629,2 миң сомдук, “Айрат Инвест” ЖЧКсынан 5180,7 миң сомдук, “Криолла” ЖЧКсынан 317,0 миң сомдук, “Континент логистик” ЖЧКсынан 1 813,4 миң сомдук, “Мин куш Коул Индастри” ЖЧКсынан 1 731,6 миң сомдук, “Амин групп” ЖЧКсынан 15 385,6 миң сомдук, “Меридиан логистик Сервис” ЖЧКсынан 3 146,4 миң сомдук, “Ак-Жол көмүр” ЖЧКсынан 1251,4 миң сомдук, “Дас транс” ЖЧКсынан 1637,4 миң сомдук дебитордук карыздарын өндүрүү боюнча тиешелүү иштер жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

“Кайынды Кант” ААКсынын 2016-жылдан бери темир жол

колдонуудагы дебитордук карызы 5080,9 миң сомду жана “Нарын кен” ЖЧКсынын 2018-жылдан бери дебитордук карызы 826,3 миң сомду түзөт. Дебитордук карызды өндүрүү боюнча “Кыргыз темир жолу” УК” МИсинин жооптуу кызматкерлери тарабынан эч бир аракет жасалган эмес.

**Сунуш**

“Кыргыз темир жолу” УК” МИсинин юридикалык бөлүмү тарабынан “Кайынды Кант” ААКсынын 5080,9 миң сомдук жана “Нарын кен” ЖЧКсынын 826,3 миң сомдук дебитордук карыздарын өндүрүү боюнча тиешелүү иштер жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

-“Шарбон” ЖАКсынын 2022-жылдын 1-январына карата дебитордук карызы 2677,8 мин сом болсо, жылдын ичинде 29954,7 миң сом эсептелип, 29292,5 миң сом төлөнгөн, жылдын аягында 3340,0 миң сом дебитордук карыз пайда болгон же 662,2 миң сомго көбөйгөн.

Андан сырткары, дебитордук карызын өз убагында төлөнбөгөндүгү үчүн 798,1 миң сом туум эсептелинген.

Бүгүнкү күнгө чейин 3340,0 миң сомдук негизги дебитордук карыз жана 798,1 миң сом туум өндүрүлгөн эмес.

**Сунуш**

“Кыргыз темир жолу” УК” МИсинин юридикалык бөлүмү тарабынан “Шарбон” ЖАКсынын негизги дебитордук карызы 3340,0 миң сом жана 798,1 миң сом туум өндүрүлсүн.

Андан тышкары, “Кыргыз темир жолу” УК” МИсинин эски дебитордук карыздары төмөнкү ишканаларга тиешелүү:

- “You and Me Co” ЖЧКсынын дебитордук карызы 2019-жылдан бери 2048,9 миң сомду, “Жумгал суу курулуш” ААКсынын дебитордук карызы 2019-жылдан бери - 1805,9 миң сомду, “Атай групп” ЖЧКсынын дебитордук карызы 2020-жылдан бери - 1295,4 миң сомду, “Interglass” ЖЧКсынын дебитордук карызы 2019-жылдан бери 1077,1 миң сомду,“Коал Энтерпрайзес” ЖЧКсынын дебитордук карызы 2018-жылдан бери - 1305,4 миң сомду түзөт.

“Кыргыз темир жолу” УК” МИси тарабынан жогорку жоопкерчилиги чектелген коомдорунун эски дебитордук карыздарын өндүрүү иштери боюнча жүргүзүлгөн аудитке маалымат бере алган жок.

**Сунуш**

“Кыргыз темир жолу” УК” МИси тарабынан “You and Me Co” ЖЧКсынан 2048,9 миң сомдук, “Жумгал суу курулуш” ААКсынан 1805,9 миң сомдук, “Атай групп” ЖЧКсынан 1295,4 миң сомдук, “Interglass” ЖЧКсынан 1077,1 миң сомдук, “Коал Энтерпрайзес” ЖЧКсынан 1305,4 миң сомдук дебитордук карыздарын өндүрүү иштери боюнча тиешелүү иштер жүргүзүлсүн.

## “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын жалпы кызматкерлерине эмгек акынын чегерилүүсү жана төлөнүүсү боюнча талдоо

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Мамлекеттик ишканалардын ишин тартипке келтирүү тууралуу” 2019-жылдын 11-сентябрындагы № 468 менен бекитилген, “Мамлекеттик ишканалар жөнүндө” жобосунун 30-пунктунда Мамлекеттик мүлктү башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдын компетенциясына, ишкананын түзүмү менен штаттык расписаниесин макулдашуу кирет жана ушул эле жобонун 38-пунктунда Мамлекеттик ишкананын жетекчисинин компетенциясына, мамлекеттик мүлктү башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган менен макулдашуу боюнча ишкананын штаттык расписаниесин жана уюштуруу түзүмүн бекитүүсү көрсөтүлгөн.

Мамлекеттик мүлктү башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органы менен 2022-жылдын 14-сентябрында “Кыргыз темир жолу” УК” мамлекеттик ишканасынын штаттык бирдиги макулдашылган.

“Кыргыз темир жолу” УК” мамлекеттик ишканасынын жалпы кызматкерлеринин саны 2022-жылга 5153,5 штаттык бирдиги жана алардын эмгек акысы 1920,0 млн. сомду түзгөн.

2022-жылы “Кыргыз темир жолу” УК” мамлекеттик ишканасынын эмгекчилеринин орточо саны 4736 адамды түзүп, аларга жалпысынан 1 815 029,3 миң сом эмгек акы чегерилген.

**Аныкталды жана корутунду**

2022-жылы “Кыргыз темир жолу” УК” МИде кызматкерлерге 72 970,0 миң сом суммасындагы материалдык жана социалдык төлөмдөргө чыгымдар жүргүзүлгөн, анын ичинен: майрам күндөрүнө сый акыга 32 749,0 миң сом, юбилейлик даталарга сый акы 1 463,0 миң сом, материалдык жардам 3 323,0 миң сом, белектерди сатып алуу жана жаңы жылдык майрамдарды өткөрүү 3 366,0 миң сом, жолдомолор – 1 277,0 миң сом, отун 946,0 миң сом, эс алуу кечелерин өткөрүү 455,0 миң сом, «Локомотив» Спорттук ден соолукту чыңдоо комплексинин жеңилдиктери 119,0 миң сом, ишкананын кызматкерлери пенсияга чыккан мезгилге 29 176,0 миң сом сый акылар, кызматкерлердин квартирасына 96,0 миң сом төлөнгөн.

Ошондой эле, 28 121,0 миң сом суммасындагы демөөрчүлүк жардамы көрсөтүлгөн, анын ичинен: Улуу ата мекендик согуштун жана эмгектин ардагерлерине - 3807,0 миң сом, майрам күндөрүнө карата сый акы - 2 641,0 миң сом, бир жолку төлөмдөр - 380,0 миң сом, пенсионерлерге көмүр берүү - 5 879,0 миң сом, профсоюздарга 0,4 % чегерүүлөр - 5 818,0 миң сом, темир жол ооруканасы - 181,0 миң сом, профсоюздарды күтүү боюнча чыгымдар - 7071,0 миң сом, Темир жол ички иштер башкармалыгы - 806,0 миң сом, темир жол лицейи - 87,0 миң сом, ардагерлер Кеңеши - 442,0 миң сом, башка уюмдарга - 244,0 миң сом, “Кыргыз темир жолу” УК” МИде иштеп пенсияга чыккандан кийин каза болгон пенсионерлер үчүн сөөк коюуга (на погребение) - 765,0 миң сом.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 20-майындагы № 258 “2022-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын темир жол транспортун өнүктүрүүнүн негизги багыттары” токтомунун талаптарын аткарбастан, 2022-жылга Кыргыз темир жолун өнүктүрүүнүн мамлекеттик

программасын ишке ашырууга каражаттардын жетишсиздигине карабастан, “Кыргыз темир жолу” УК” МИде кызматкерлерге материалдык жана социалдык төлөмдөргө 72 970,0 миң сом, демөөрчүлүк жардам көрсөтүүгө 28 121,0 миң сом, бардыгы болуп 101 091,0 миң сом чыгымдалган.

*Эскертүү: 2022-жылга Бирдиктүү салык декларациясында материалдык жана социалдык төлөмдөр боюнча чыгымдар, эмгек акы фондуна киргизүү киреше салыгын алуу түрүндө, ал эми демөөрчүлүк жардам көрсөтүү боюнча кошулган 28 763,0 миң сом чыгымдар, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 236-беренесинин 11 жана 14-пункттарына ылайык, кошулган эмес.*

**Сунуш**

“Кыргыз темир жолу” УК” МИнин бюджетине күч келтирүүнү азайтуу максатында, ар кандай максатка ылайыксыз материалдык жана социалдык төлөмдөрдү, кайрымдуулук жана демөөрчүлүк жардамдарды кыскартуу боюнча чаралар көрүлсүн.

Кирешелер, Кыргыз Республикасынын темир жол транспортун өнүктүрүү менен байланышкан өндүрүштүк чыгымдарга багытталсын.

Кыргыз Республикасынын темир жол тутумуна кирбеген Допрофсож, Рабпрофсож, транспорт боюнча ички иштер органдары сыяктуу уюмдарды жана мекемелерди күтүү практикасы токтотулсун.

## Бюджет жана Социалдык фонду менен эсептешүүлөр

**Аныкталды жана корутунду**

“Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасы жана анын түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан 2022-жылга тийиштүү шаардык жана райондук салык башкармалыктары менен салык кирешеси боюнча салыштырмалуу актысы түзүлгөн эмес.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы № 231 токтому менен бекитилген “Ишкердик субъекттердин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерден башкасынын) финансылык-чарбалык ишинин бухгалтердик эсебинин эсептик планын колдонуу боюнча нускаманын” талаптары боюнча, Отчеттук мезгилдин акырына карата 1530, 1540, 3400 эсептеринин сальдосу Салык кызматы менен салыштыруу актысында ырасталууга тийиш.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы № 231 токтому менен бекитилген “Ишкердик субъекттердин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерден башкасынын) финансылык-чарбалык ишинин бухгалтердик эсебинин эсептик планын колдонуу боюнча нускаманын” талаптарына ылайык, Салык башкармалыктары менен салыктын ар бир түрлөрү жана Социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча салыштырмалуу актылары түзүлсүн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын улуттук банкынын “Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча 2018-2022-жылдарга

мамлекеттик программаны (үчүнчү этап) бекитүү жөнүндө” 2018-жылдын 28-мартындагы № 166/51-6 токтомунун 7-пунктунда: Министрликтер, мамлекеттик комитеттер, административдик ведомстволор, башка мамлекеттик башкаруу органдары, Кыргыз Республикасынын бюджеттик мекемелери Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугун камсыз кылуу, өлкөлүк опурталдарга жол бербөө максатында эмгек акыларды, ошондой эле пенсияларды, жөлөкпулдарды жана башка төлөөлөрдү өлкөнүн бюджетине/бюджетинен “Элкарт” улуттук төлөм картына которуу боюнча иш-чаралардын улантышылышы боюнча:

**Аныкталды жана корутунду**

2022-жылы “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын жана анын түзүмдүк бөлүнүштөрү тарабынан накталай эмес төлөмдөргө толугу менен өтүү боюнча тийиштүү чаралар көрүлбөгөндүктөн 111064,1 миң сом ишканалардын кассасы аркылуу жумшалган.

Анын ичинен:

- “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын борбордук аппаратынын кассасы аркылуу 22363,2 миң сом;
- Локомотив чарбасы боюнча филиалынын кассасы аркылуу 38476,3 миң сом;
- Маалыматтык эсептөө менен камсыздоо филиалынын кассасы аркылуу 46,3 миң сом;
- Жол чарбасы боюнча филиалынын кассасы аркылуу 5840,8 миң сом;
-“Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын Вагон чарбасы боюнча филиалынын кассасы аркылуу 15610,2 миң сом;
- Материалдык-техникалык камсыздоо боюнча филиалынын кассасы аркылуу 45,3 миң сом;
- “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин жүктөө-түшүрүү иштерин камсыздоо боюнча филиалынын кассасы аркылуу 1715,0 миң сом;
- “Көпүрө куруу отряды” Мамлекеттик ишканасынын кассасы аркылуу 11736,7 миң сом;
- “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын Түштүк бөлүмү кассасы аркылуу 8306,8 миң сом.
- Жүргүнчүлөрдү тейлөө боюнча филиалы 6923,5 миң сом.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын улуттук банкынын “Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча 2018-2022-жылдарга мамлекеттик программаны (үчүнчү этап) бекитүү жөнүндө” 2018-жылдын 28-мартындагы № 166/51-6 токтомунун талаптары толук аткарууга алынсын.

**“Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасы тарабынан кызматкерлерине кыска мөөнөткө берилген ссуда**

**Аныкталды жана корутунду**

“Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын 2011-жылдын 15-июлундагы № 459 буйругу жана “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын Администрациясынын жана темир жолчулардын “Кыргызпрофсоюз” жана “Рабпрофсоюз” Президиумунун 2011-жылдын 26-июлундагы № 74/1 токтому менен бекитилген, Кызматкерлерге кыска мөөнөттүү, пайызсыз ссудаларды берүү жөнүндө жобонун негизинде, кызматкерлерге авариялык абалда турган турак-жайын оңдоо, оор оорулууларды дарылоо, балдарды ЖОЖдордо окутуу үчүн, жаратылыш кырсыктары учурунда ссудалар берилген.

“Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын жеке чарбасынын (борбордук аппарат) кызматкерлерине берилген ссуданын

324,9 миң сом 2022-жылдын аягына калдык катарында калган.

“Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын Түштүк бөлүмү тарабынан берилген ссуданын 400,9 миң сом ссуда боюнча өндүрүлбөгөн ссуда калган.

**Сунуш**

Кызматкерлерге пайызсыз ссуда берүү боюнча келишимди түзүү менен, тиешелүү буйрукту тариздөө аркылуу берилсин.

“Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын Администрациясынын жана профилдик профсоюздар комитеттеринин 2013-жылдын 20-декабрындагы № 129/1 биргелешкен токтому менен белгиленген пайызсыз ссудаларды бөлүүгө финансылык каражаттардын бир айлык лимити сакталсын.

**Негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктары боюнча**

**Аныкталды жана корутунду**

“Кыргыз темир жолу” Улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын 2 217,53 га жеринин наркы 2023-жылдын 22-майына карата “Азия-оценка” жоопкерчилиги чектелген коому тарабынан 19 223 600,2 миң сомго бааланып баардык тийиштүү документтери 2023-жылдын 22-майындагы түзүлгөн акты менен “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын эсебине өткөрүлүп берилген.

Жогорудагы бааланган жер тилкесинин суммасы “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын 2023-жылдын 1-жарым жылдыгынын бухгалтердик балансына киргизилген.

Андан сырткары, Ноокен райондук администрациясынын 2002-жылдын 16-июлундагы №144 токтому менен Кыргыз темир жол башкармасынын Түштүк темир жол бөлүмүнө 478 км аралыктагы темир жолго жанаша жаткан жерден коргоо запасы үчүн **5,93** га жер бекитилип берилгени жана Таш-Көмүр шаарындагы, түндүк аймагында жайгашкан жалпы аянты **0,7242** га темир жолдун корголуучу жер тилкеси, Таш-Көмүр шаардык мэриясынын 2019-жылдын 11-январындагы № 5-Б, №054012 3-14-01-0001-1345 сыр белгисиндеги мамлекеттик Актысы “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын Түштүк

бөлүмүнө оперативдүү башкаруу үчүн бекитилип берилгендиги боюнча 2023-жылдын 4-апрелиндеги №1697 мамлекеттик актысы алынганы бухгалтердик эсеп маалыматтары боюнча жер тилкеси бааланбаганы жана бухгалтердик балансага кириштелгенбегендиги аныкталды.

**Сунуш**

“Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын борбордук аппараттын бухгалтердик балансына 2 217,53 га жалпы аянты **19 223 600,2** миң сомдук жери бухгалтердик балансага киргизилгени эске алынсын.

**6,65** га жалпы аянтындагы жер тилкелери бааланып бухгалтердик баланска кириштелсин.

## “Ички аудит жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык ички аудит кызматынын ишин талдоо жана баалоо боюнча

“Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын 2022-жылга бекитилген штат бирдиги боюнча көзөмөлдөө жана ревизия бөлүмүндө, бир бөлүм башчы, бир башкы адис жана үч жетектөөчү адиси бар. “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын башкы директору тарабынан 2021-жылдын 28-декабрында  көзөмөлдөө жана ревизия бөлүмүнүн 2022-жылга иш планы “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ичинен 29 түзүмдүк бөлүмдөрүнүн аткарган иштерине аудит жүргүзүүсү бекитилген. Көзөмөлдөө жана текшерүү бөлүмүнүн 2022-жылдын планына ылайык, жүргүзгөн ишинин жыйынтыгында 20 текшерүү жүргүзүлгөн.

Анын  ичинен:

“Кыргыз темир жолу” УК” МИнин станциялары боюнча - 15 текшерүүлөр, “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин филиалдары боюнча 4 текшерүүлөр жана пландан тышкаркы 1 текшерүү жүргүзүлгөн, 2022-жылы жүргүзгөн текшерүүнүн жыйынтыгында 1494,1 миң сомдук финансылык катаачылыктар аныкталган. Анын ичинен: 1386,4 миң сому ордуна коюлган жана 107,7 миң сому ордуна коюла элек.

“Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын көзөмөлдөө жана ревизия бөлүмү тарабынан текшерүүнүн жыйынтыктары “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын жетекчилиги тарабынан финансылык жана башка ишиндеги кемчилдиктерди, катаачылыктарды кетирген кызматкерлерге чара көрүлбөйт, башкача айтканда текшерүүнүн жыйынтыгы менен текшерилген субьектерге гана жөнөтүү менен чектелүүдө.

“Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын көзөмөлдөө жана ревизия бөлүмүнүн 2022-жылы жүргүзгөн ишинин жыйынтыгы боюнча 1494,1 миң сомдук финасылык катаачылыктар аныкталганы, “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын бухгалтериясына кошумча киреше катарында бухгалтердик

баланска киргизүүгө бухгалтерияга жогорудагы аныкталган сумма боюнча эч кандай документ беирилген эмес.

**Сунуш**

“Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын жетекчилигине ишкананын көзөмөлдөө жана ревизия бөлүмүнүн штаттык бирдигин кармоо керектиги каралсын.

Текшерүүнүн жыйынтыгы менен аныкталган финансылык жана башка ишиндеги кемчилдиктерди, Мамлекеттик ишкананын жетекчилиги тарабынан каралсын.

“Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын жетекчилигине ишкананын көзөмөлдөө жана ревизия бөлүмү тарабынан финасылык катаачылыктар аныкталганы ишкананын бухгалтериясына маалымат берилсин.

**Борбордук аппарат (жеке чарба)**

**Аныкталды жана корутунду**

2022-жылы кызматкерлерге ар кандай материалдык жана социалдык төлөмдөргө 10110,0 миң сом, демөөрчүлүк төлөмдөргө 2088,0 миң сом, Кыргызпрофсож жана Рабпрофсож 1349,0 миң сом жумшалган. Бардыгы болуп 2022-жылы “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин өндүрүштүк ишмердүүлүгүнө байланышпаган төлөмдөргө 13547,0 миң сом жумшалган.

Ошол эле учурда, “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздардыруу жөнүндө” мыйзамынын (1997-жылдын 21-июлундагы №57) 32-беренесинин 2-пунктунда Социалдык фонд тарабынан пенсионер каза болгондо анын үй-бүлөөсүнө пенсиянын базалык бөлүгүнөн 10 эселенген өлчөмдө көмүү жөлөк пулу төлөнөөрү каралган. “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын профсоюздук комитетине ишкананын кызматкерлеринин эсебинен профсоюздук взносу бир пайызы эмгек акы эсептөө бухгалтеринин берген маалыматы боюнча 3372,9 миң сом эсептелинип, которулуп берилген.

Андан тышкары, “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасы менен анын эмгек жамаатынын ортосундагы 2020-2022-жылдарга түзүлгөн жамааттык келишиминин 5.24. пунктунда Компаниянын түзүмдүк бөлүмдөрү жана Компания Кыргызпрофсождо жана Рабпрофсождо каттоодо турган профсоюздун мүчөлөрүнүн эмгек акы фондунан 0,4 % өлчөмүндө маданий, спорттук жана саламаттыкты чыңдоо иштерин каржылоого чегерет.

Көрсөтүлгөн каражаттар кесиптик кошуундар тарабынан бекитилген жана иш берүүчү менен макулдашылган смета боюнча колдонулат деп көрсөтүлгөн. “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын 2022-жылы “Дорпрофсож” жана “Рабпрофсож” коомдук профсоюз уюмдарына эмгек акы фондусунан 0,4 % өлчөмүндө чегерүүлөрдү төлөп келген, бул 2022-жылы 1349,2 миң сомду түзгөн, мындан тышкары

2022-жылы жогоруда аталган профсоюз уюмдарын каржылаганга (эмгек акыга, материалдар, күйүүчү май, уюлдук байланыш ж.б.) төлөнгөн, “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын кирешесинен 6405,0 миң сом каржыланган. “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын темир жолун өнүктүрүүнүн стратегиялык программасын ишке ашырууга каражаты жетишсиздигине карабастан коомдук, профсоюздук органдарды каржылоого каражаттарын берүүгө жол берилген.

**Сунуш**

“Кыргыз темир жолу” УК” МИнин бюджетинин жүгүн азайтуу максатында, орунсуз ар кандай материалдык жана социалдык төлөмдөрдү, кайрымдуулук жана демөөрчүлүк жардамдарды кыскартуу боюнча чаралар көрүлсүн.

Түшкөн кирешелер темир жол транспортун өнүктүрүү менен байланышкан өндүрүштүк чыгымдарга жумшалсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Мамлекеттик ишкананын негизги милдеттеринин бири имараттарды жана курулуштарды, жабдууларды, машиналарды жана механизмдерди, транспортту жана башка негизги фондуларды жана каражаттарды эффективдүү жана рационалдуу пайдалануу экендигин белгилей кетүү керек.

“Кыргыз темир жолу” УК” МИнин жетекчилиги тарабынан чыгашага алып келген рентабелдүү эмес түзүмдүк бөлүмдөргө жетиштүү көңүл бурулбай жатканын да белгилей кетүү керек. Ошентип, өздүк чарбанын көмөкчү жана көмөкчү ишмердигинин айрым ведомстволук түзүмдөрүнө рентабелдүүлүккө жүргүзүлгөн талдоодо 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча “Темир жолчулар клубу” - 2180,0 миң сом, “Локомотив” Спорттук ден соолукту чыңдоо комплекси - 18432,0 миң сом, “Дыйкан Пишпек” базары - 7160,0 миң сом жана “Кош-Көл” пансионаты - 2014,0 миң сом зыян тартканы аныкталган. Ошону менен бирге “Локомотив” спорттук-эс алуу комплексинин рентабелдүүлүгү жыл сайын төмөндөп баратат. Эгерде 2020-жылы 9790,5 миң сомдук чыгымдар болсо, 2021-жылы 16 850,0 миң сомдук, 2022-жылы 18 432,0 миң сомдук чыгымдар болгон. Рентабелдүүлүгү азайганына карабастан, комплекстин жетекчилиги “Европром” ЖЧКсынан 19,1 млн. сомдук муздаткыч агрегатты, гидравликалык насосту, өчүрүүчү жана башкаруучу жабдууларын сатып алынган.

**Сунуш**

“Кыргыз темир жолу” УК” МИсинин “Темир жолчулар клубу”, “Локомотив” Спорттук ден соолукту чыңдоо комплекси, “Дыйкан Пишпек” базары жана “Кош-Көл” пансионаты негизги фонддорду жана каражаттарды эффективдүү жана рационалдуу пайдаланууну камсыз кылышсын.

**Аныкталды жана корутунду**

“Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Мамлекеттик ишканалардын ишин тартипке келтирүү тууралуу” 2019-жылдын 11-сентябрындагы № 468 токтомунун 5-пунктунун 3-

пунктчасында Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу "Кыргыз темир жолу" улуттук компаниясы" мамлекеттик ишканасы 2021-жылдан тартып 2025-жылды кошо алгандагы мезгилде иштин жыйынтыгы боюнча бюджетке таза кирешенин 50 пайызын төлөөдөн бошотулат деп белгиленген. “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын киреше эсебинен Кыргыз Республикасынын “Салыктык эмес кирешелер жөнүндө” Кодексинин 37-беренеси боюнча 2020-жыл үчүн өз убагында бюджетке таза кирешенин 50 пайызын төлөбөгөндүгү үчүн, 2022-жылы Мамлекеттик мүлк фонду тарабынан 55 921,7 миң сом туум эсептелинип, төлөнгөнүнө байланыштуу мамлекеттик ишкананын кирешесинен жоготууга жол берилген.

## Дебитордук жана кредитордук карыздардын аудити

Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамынын 9-беренесине ылайык, активдерди жана милдеттенмелерди инвентаризациялоо, бухгалтердик эсептин жана финансылык отчеттуулуктун маалыматтарынын тууралыгы жана тактыгы активдер менен милдеттенмелерди инвентаризациялоонун жыйынтыктары боюнча ырасталат.

2022-жылы финансылык отчетту түзүүдө милдеттенмелерге инвентаризациялоо жүргүзүлгөн эмес, башкача айтканда бардык контрагенттер менен салыштыруу актылары түзүлгөн эмес.

**Аныкталды жана корутунду**

“Кыргыз темир жолу” УК” мамлекеттик ишканасынын Жеке чарбасынын балансы боюнча жалпысынан 2022-жылдын 1-январына карата Жеке чарбанын 1400 “Алууга каралган эсептер” эсеби боюнча дебитордук карыз 1 683 199,0 миң сом, 1500 “Башка операциялар боюнча дебитордук карыздар” эсеби боюнча 3 756 022,0 миң сом, 1800 “Берилген аванстар” эсеби боюнча 4 825,0 миң сом, же жалпысы 5 444 046,0 миң сом болгон. Ал эми 2022-жылдын 31-декабрына карата 1400 “Алууга каралган эсептер” эсеби боюнча дебитордук карыз 80 119,0 миң сом, 1500 “Башка операциялар боюнча дебитордук карыздар” эсеби боюнча 3 580 261,0 миң сом, 1800 “Берилген аванстар” эсеби боюнча 1 807 774,0 миң сом, баардыгы 5 468 154,0 миң сомду түзүп, же жылдын башындагы дебитордук карыздары 24 108,0 миң сомго көбөйгөн.

**Сунуш**

“Кыргыз темир жолу” УК” мамлекеттик ишканасынын Жеке чарбасынын дебитордук карыздарын өндүрүү боюнча материалдар укук коргоо органдарына берилсин.

**Аныкталды жана корутунду**

1590 “Башка дебитордук карыздар” эсеп счету боюнча 2022-жылдын 1-январына карата 8459,4 миң сом карыз болсо, жылдын аягында деле ошол карыз эч өзгөрүүсүз кала берген.

Анын ичинен “Кулуке” ЖЧКнун 2015-жылдан берки дебитордук карызы 453,4 миң сомду түзөт жана карызды өндүрүү боюнча эч кандай ич чара көрүлгөн эмес.

Кыргыз Республикасынын транспорт прокуратурасынын 2019-жылдын 23-декабрындагы №11.784-19 жазма буйругунда “Биман транс” ЖЧКнан 4912,0 миң сом, “Евратэк” ЖЧК – 3094, 0 миң сом, баардыгы 8006,0 миң сом өндүрүлүшү каралып, ал өндүрүлгөн акча каражаттары Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына которулуусу көрсөтүлгөн.

Бирок, “КТЖ УК” МИ аталган “Биман транс” ЖЧК менен “Евратэк” ЖЧКнан жалпысынан 8006,0 миң сомду өндүрбөстөн, өзүнүн киреше эсебинен 2019-жылдын 26-декабрында “Евратэк” ЖЧКнун карызы үчүн 2305,1 миң сом, 2020-жылдын 10-январындагы №32 төлөм менен 788,9 миң сом, “Биман транс” ЖЧКнун карызы үчүн 4912,0 миң сом, баардыгы болуп 8006,0 миң сомду КР Башкы прокуратурасынын эсебине которгон.

Жыйынтыгында, 1590 “Башка дебитордук карыздар” эсеп счету боюнча КР Башкы прокуратурасынын “КТЖ УК” МИнын дебитордук карызы 8006,0 миң сомду түзөт.

Сунуш

“КТЖ УК” МИнын өзүнүн киреше эсебинен 8006,0 миң сомду Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына туура эмес которулгандыгына байланыштуу республикалык бюджеттин эсебинен ишканага кайтарылууга жатат.

**Аныкталды жана корутунду**

“Лагуна Групп” ЖЧКсы 2017-жылдан бери ижара акысы үчүн – 11 882,2 миң сом дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча “Кыргыз темир жолу” УК” МИси тарабынан 2023-жылдын 6-апрелинде №12-01-6/576 каты Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаментине 4500,0 миң сомго 2019-жылдын 25-февралындагы №ЭД-№1171/18мбс7, 4987,4 миң сомго 2018-жылдын 17-апрелиндеги №ЭД-290/18мбс5 жана 109,8 миң сом мамлекеттик пошлина райондор аралык соттун чечимдеринин аткарылышы боюнча жолдонгон.

Бирок, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин башкармалыгынын башчысы тарабынан 2023-жылдын 14-апрелиндеги каты менен Бишкек шаарынын экономикалык иштер боюнча сот аткаруучуларына кат жолдогон.

Жыйынтыгында, эки ишкана дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча бири-бирине кат жазуу менен чектелгени байкалууда.

“Лагуна Групп” ЖЧКсы 2017-жылдан бери ижара акысы үчүн 11882,2 миң сом көрсөтүлгөн, ал эми дебитордук карыздары боюнча 9487,4 миң сомго жана мамлекеттик пошлинага 109,8 миң сомго райондор аралык соттун чечимдери бар, 2394,8 миң сомго соттун чечимдерин же материалдарын аудитке көрсөтө алган жок.

**Сунуш**

“Кыргыз темир жолу” УК” МИсинин юридикалык бөлүмү тиешелүү органдар менен биргеликте дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча ишти кайрадан карап чыгышсын жана дебитордук карыздар өндүрүлсүн.

Мындан тышкары, “Лагуна Групп” ЖЧКсынын 2394,8 миң сом дебитордук карыздары такталсын.

**Аныкталды жана корутунду**

“Сан Компани” ЖЧКсы 2010-жылдан бери экспедициялык кызматтар үчүн 656,5 миң сомду, “Темир” МИ 2008-жылдан бери жүк ташуу кызматы үчүн 694,9 миң сомду жана “Перевозки KG” ЖЧКсы 2014-жылдан бери жүк ташуу кызматы үчүн 2648,0 миң сом дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин жооптуу кызматкерлери тарабынан эч кандай иш аткарылган эмес, ошондой эле дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча жүргүзүлгөн аудитке маалымат бере алган жок.

**Сунуш**

“Сан Компани” ЖЧКсы 2010-жылдан бери экспедициялык кызматтар үчүн 656,5 миң сомду, “Темир” МИ 2008-жылдан бери жүк ташуу кызматы үчүн 694,9 миң сомду жана “Перевозки KG” ЖЧКсы 2014-жылдан бери жүк ташуу кызматы үчүн 2648,0 миң сом дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин жетекчилиги тарабынан дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча көзөмөлгө алынсын жана дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча иш чара иштелип чыгылсын.

**Иш сапар чыгымдардын ченемдеринин сакталышына аудит**

**Аныкталды жана корутунду**

“Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын борбордук аппаратынын эсебинен 2022-жылга “Кызматтык кыдырууларга чыгашалар” беренеси боюнча 12 597,1 миң сом чыгымдалып, 11 441,5 миң сомго отчет тапшырылган, 1 102,8 миң сому сапар чыгымдарына алынган акча каражаттары пайдаланылбагандыктан ишкананын эсебине кайтарылган.

Ошондой эле, А.Ж. Арсымбаевтин сапар чыгымдары беренеси боюнча **43,6** миң сом дебитордук карызы бүгүнкү күнгө чейин өндүрүлө элек.

**Сунуш**

“Командировкалык чыгымдар” беренеси боюнча А.Ж. Арсымбаевтен 43,6 миң сом дебитордук карызы өңдүрүлсүн.

**Коммуналдык кызматтарга жана транспорт каражаттарына, автотранспортту пайдалануу боюнча лимиттердин сакталышына аудит жүргүзүү**

**Аныкталды жана корутунду**

Айлык лимитти жана бензинге жана дизелдик отунга болгон муктаждыкты Ремонттук-өндүрүштүк иш жана суу менен камсыздоо бөлүмүнүн механиги Ж.Р. Ибраимкулов тарабынан түзгөн. Кышкы жана жайкы мезгилдеги автотранспорттун түрлөрү боюнча күйүүчү-майлоочу материалдардын линиялык чыгымдалышынын ченемдери жетекчилик тарабынан бекитилбейт.

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы № 366 буйругу менен бекитилген “Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын Эрежелерин” бузуу менен, ар бир автотранспорт үчүн жайкы жана кышкы мезгилдер үчүн күйүүчү майдын керектөө ченемдери бекитилген эмес, шаардык циклде жана автомобиль жолунда Эрежелердин жана усулдардын негизинде жүргүзүлгөн эсептөөлөр боюнча белгиленген.

**Сунуш**

Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын Эрежелерине ылайык жайкы жана кыш мезгилине, шаардык циклде жана автомобиль жолунда ар бир автотранспорт үчүн күйүүчү майды керектөөнүн тийиштүү ченемдерин эсептөө жана бекитүү, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы № 366 буйругунун негизинде жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Берилген маалыматка ылайык, 2022-жыл ичинде 15 автотранспортторун оңдоого, тетиктерге жана техникалык тейлөөгө 1045,9 миң сомго, күйүүчү-майлоочу майдын керектөөсү 1655,8 миң сомго 31415,5 литр бензин, 4939 литр дизелдик отун 311,0 миң сомго баары болуп 2022-жылы автотранспортторун эксплуатациялоого кеткен чыгымдар 3012,7 миң сомду түздү.

Эксплуатациялык чыгымдарды талдоо минимум жана нөлдүк калдык наркы бар автотранспорттору үчүн, алардан ашкан техникалык тейлөөгө 805,9 миң сом суммасында чыгым тартканы аныкталган.

**Сунуш**

Ишкананын бюджеттик каражаттарын сарамжалдуу пайдалануу үчүн, ченемдик укуктук актыларга ылайык, жараксыз автотранспортторду жана минималдуу жана нөлдүк калдык наркы бар автотранспортторду эсептен чыгаруу жөнүндө маселеси каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Менчик жеңил автомобилдерди кызматтык сапарларга пайдалангандык үчүн компенсациянын нормалары жөнүндө” 2006-жылдын 18-сентябрындагы № 672 токтомуна жана “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын кызматкерлери кызматтык иш сапарга жеке автоунааларын пайдаланганда компенсациялык төлөмдөрдү жүргүзүү үчүн жобосу “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын генералдык директору тарабынан 2022-жылдын 13-октябрындагы № 838 буйругу менен бекитилген.

Ишкананын кызматкерлеринин жеке автомобилдерин пайдаланууда күйүүчү майларын компенсациялоо үчүн 233,1 миң сом суммасында төлөнгөн акча каражаттары эсептен чыгарылган жана кызматтагы 9 адамга кызматтык автомашиналарды бекитүүдө жана жеке автотранспортту факты жүзүндө пайдаланууну тастыктаган баштапкы тиешелүү документтердин

жоктугу менен чыгымдарга киргизилгени аныкталды. Башкача айтканда, жогорудагы көрсөтүлгөн суммадан тастыктаган баштапкы тиешелүү документтер жок туруп 201,4 миң сом суммасында компенсация жүргүзүлгөн.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Менчик жеңил автомобилдерди кызматтык сапарларга пайдалангандык үчүн компенсациянын нормалары жөнүндө" 2006-жылдын 18-сентябрындагы № 672 токтомунун талаптары жана "Кыргыз темир жолу" улуттук компаниясы" мамлекеттик ишканасынын 2022-жылдын 13-октябрындагы № 838 буйругу менен бекитилген жобосу боюнча иш жүргүзүлсүн.

201,4 миң сом суммасында негизсиз эсептен чыгарылган транспорттук чыгымдарды тиешелүү кызматкерлерден өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

2022-жылы чыгымдардан 201,4 миң сом алынсын жана кирешелерди жана пайданы тиешелүү көбөйтүү жүргүзүлсүн.

2022-жылга Бирдиктүү салык декларациясынын чыгымдарынан 201,4 миң сом алынсын, 201,4 миң сомго киреше салыгын тиешелүү көбөйтүү жүргүзүлсүн, 20,1 миң сомго (201,4*10%) киреше салыгы жеткире эсептелсин.

## Локомотив чарбасы боюнча филиалы (ЛЧФ)

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 12-беренесинин 4-пунктунда Мамлекеттик сатып алуулардын жылдык планында (мамлекеттик сатып алуулардын такталган жылдык планында), форс-мажордук жагдайлар жана авариялар менен байланышкан учурлардан тышкары, каралбаган товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү жана консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга жол берилбейт деп көрсөтүлгөнүнө карабастан, 2022-жылы касса аркылуу конкурсу жок товар жана кызмат көрсөтүүлөрду алуунун көлөмү 272,3 миң сомду түздү.

**Сунуш**

Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу" токтомунун талаптары сакталсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Эмгек мамилелери жок туруп, Кыргыз Республикасынын Эмгек мыйзамын бузуу менен, Локомотив чарбасынын жооптуу кызматкерлери тарабынан иштебеген пенсионерлерге 2022-жылы 378,7 миң сом өлчөмүндө эмгек акы жана иштебеген пенсионерлер үчүн бир жолку сыйлоо 492,1 миң сом негизсиз чегерилген. Эмгек акы тутумундагы бузуулар, Эсептөө палатасы

тарабынан бир нече жолу аныкталган. Буга карабастан, Кыргыз Республикасынын Эмгек мыйзамы менен каралбаган эмгек акыларды негизсиз эсептөө улантылган.

Жалпысынан 2022-жылга иштебеген пенсионерлердин эмгек акысын жана сыйлоосун негизсиз чегерүүгө 878,8 миң сом өлчөмүндө каражат жумшалган.

**Сунуш**

Иштебеген пенсионерлер үчүн негизсиз эмгек акыларды жана негизсиз сыйлоо төлөмдөрү токтотулсун, кызматкерлердин эмгек акы чыгымдарын оптималдаштырууну кароо, филиалда иштеген кызматкерлердин эмгек акысына ар кандай кошумча төлөмдөрдү жана үстөктөрдү кошуп төлөөгө көңүл бурулсун.

**Аныкталды жана корутунду**

Аудиттин жүрүшүндө, 2023-жылдын 18-майына карата дизелдик отундун жана мазуттун калдыктарына жүргүзүлгөн инвентаризациянын негизинде запаста 239913 кг дизель майы болгондугу аныкталды. Дизель майынын иш жүзүндө болушун бухгалтердик эсептин маалыматтары менен салыштырганда 21,8 миң сомго 314 кг, дизель майы 77,7 миң сомго 311 кг, мазут 9,4 миң сомго 300,0 кг ашыкча болгон, Лукойл майы 64,8 кг 21,9 миң сомдук, жалпысынан калдыктарды чыгарууда 130,8 миң сомдук ашыкча күйүүчү май бар экендиги аныкталган.

**Сунуш**

Дизель отунун белгиленген 314 кг ашыкчасы, 311 кг дизель майы, 300,0 кг мазут, 64,8 кг Лукойл майы, жалпысынан 130,8 миң сомдук ашыкча күйүүчү майлары ишкананын эсебине кириштелсин.

Отун кампа башчысы күйүүчү майлардын кыймылын катуу көзөмөлдөсүн, күйүүчү майлардын тартыштыгына жана ашыкча болушуна жол бербесин.

**Аныкталды жана корутунду**

2022-жылдын башына кампада 15027,6 миң сомдук өндүрүштө пайдаланылбаган запастык тетиктердин жана материалдардын калдыктары болгон, жыл ичинде 20364,1 миң сомдук запастык тетиктер жана материалдар сатылып алынган, жылдын жыйынтыгы боюнча 35391,7 миң сомдук калдыктары калган. 35391,7 миң сомдук материалдардын жана запастык бөлүктөрдүн калдыктары негизсиз, реалдуу керектөөлөрсүз сатып алынган. Бул запастык бөлүктөр жана материалдар ар түрдүү мезгилде сатылып алынган жана кампада эч жакта колдонулбай жатат, бул ишкананын акча каражаттарынын сарамжалсыз жана натыйжасыз пайдаланылганын айгинелейт жана азыркы күндө керектелбеген материалдардын эсебинде кампада жатат.

**Сунуш**

Материалдарды жана запастык бөлүктөрдү реалдуу керектөөлөрсүз сатып алуу токтотулсун.

**Аныкталды жана корутунду**

Аудит жүргүзүлгөн мезгилде эки секциялуу жүк ташуучу локомотив 4672 АВ номери менен А секциясынын 01.09.2021-жылдан тартып 21.12.2021-жылга чейин жана 2022-жылдын июнь айына чейин А секциясынын эки секциялуу (ТР-2) техникалык тейлөөдө болгон. 1998-жылдын 7-июлундагы № НОК-12 буйругуна ылайык жана 2012-жылдын 24-апрелиндеги № 260-буйругунун толуктоолору менен Бишкек-1 депосунда тепловоздордун бош туруп калуу нормалары менен оңдоолордун ортосундагы жүрүштөр, график боюнча ТР-2ге техникалык тейлөө 200 миң км болгон тепловоздорду камтыйт, токтоп калуу нормасы 22,5 күнгө чейин белгиленген же 540 саат. Жогорудагы буйрукка ылайык, бул тепловоздун 4672 АВ НЭП иштебеген бош убактысы 2832 саатты (24 саат х 118 күн) түзгөн.

**Сунуш**

Мындан ары, тепловоздордун иштебеген сааттарында бош туруп калышына жол берилбесин, 1998-жылдын 7-июлундагы № НОК-12 буйругу менен белгиленген мөөнөттү жана 2012-жылдын 24-апрелиндеги № 260 буйругуна ылайык толуктоолор менен белгиленген мөөнөтү так сакталсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Иштебеген тепловоздор 15 даана көлөмүндө 1992-жылдан 2022-жылга чейин базалык запастарга жайгаштырылып, 8 жылдан 30 жылга чейин токтоп турат. Натыйжада, убакыт өткөндөн кийин, алар эскирип, Локомотив чарбасы боюнча филиалынын активдерин сарамжалдуу эмес пайдаланууга алып келет. 2022-жылы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 24-июнундагы № 341 “Мамлекеттик мекемелер жана ишканалар тарабынан ажыратылган түстүү жана кара металлдардын сыныктарын жана калдыктарын кабыл алуу маселелери жөнүндө” токтомуна ылайык Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фондунун алдында “Объекттерди башкаруу дирекциясы” мамлекеттик ишканасы түзүлгөн. 2022-жылдын 27-октябрындагы Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фондунун алдындагы Объектилерди башкаруу боюнча дирекция тарабынан бекитилген түстүү жана кара металлдардын сыныктарын жана калдыктарын алууга баалары бар.

Ремонттук цех берген маалыматтарга ылайык, бир тепловоздогу металлдын орточо өлчөмү ТЭ10В тепловозундагы: болот сыныктары 95000 кг, кычкылданган жез сыныктары - 2300 кг, жез сыныктары - 3500 кг, алюминий 150 кг, коло, 405 кг.

Бир тепловоздогу металлдын орточо курамы ТЕМ2 тепловозундагы өлчөмдө орточо эсеп менен эсептелет: болот сыныктары 78000 кг, кычкылданган жез сыныктары - 650 кг, жез сыныктары - 3300 кг, алюминий - 240 кг, коло - 340 кг, жез сыныктары - 40 кг.

Белгилей кетсек, объекттерди башкаруу дирекциясы тарабынан бекитилген түстүү жана кара металлдардын сыныктарына жана калдыктарына белгиленген прейскурант боюнча ТЭ10 сыныктарынын бир

тепловозунун ТЭ10 менен чыгарылган минималдуу баасы тиешелүүлүгүнө жараша 4684,3 миң сомду түзөт, минималдуу 13 тепловоздун баасы 60895,9 миң сомду түздү. Бардыгы болуп тепловоздордун сыныктарынын минималдуу баасы 67821,5 миң сомго эсептелди.

Иштебеген 15 даана тепловоздор 8-30 жыл бою токтоп турат, мунун натыйжасында алар мөөнөтү өткөндөн кийин эскирип, филиалдын каражаттарын сарамжалсыз пайдаланууга алып келүүдө.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиги менен макулдашып алардын уруксаты менен тепловоздордун утилизациялык наркын баалоочунун корутундусунун негизинде тепловоздор эсептен чыгарылсын.

**Маалыматтык эсептөө менен камсыздоо Филиалы**

**Аныкталды жана корутунду**

2022-жылы чыгымдарында өзүнүн ишмердүүлүгүнө тиешелүү болбогон демөөрчүлүккө, белекке жана сыйлыкка 3812,0 миң сом чыгымдалганы аныкталды.

**Сунуш**

Мындан ары, Маалыматтык эсептөө менен камсыздоо Филиалынын чыгымдары боюнча өзүнүн ишмердүүлүгүнө тиешелүү болбогон демөөрчүлүккө, белекке жана сыйлоого төлөө токтотулсун.

**Аныкталды жана корутунду**

Маалымат эсептөөнү камсыздоо филиалы тарабынан 2022-жылы эл аралык жана республиканын ичинде жүк ташып келүү үчүн 1971 келишим түзүлгөн.

Келишимди регистрациялоо китебинде Маалымат эсептөөнү камсыздоо филиалы кардарларга кандай жумуш жасай тургандыгын ачык көрсөткөн эмес.

Бардык жумушту регистрация китебине маалымат берүү жумушу аткарылган деп регистрацияланган. Филиалдын акы төлөп көрсөтүүчү кызматтары 1, 2-колдонмолору менен келишимде дайыма бирге жүрүшү керек эле. Келишимде кандай акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүлгөндүгү жөнүндө эч жерде көрсөтүлгөн эмес. Бардык келишимдер 1, 2-колдонмосу жок кол коюлган. Ошол себептен кол койгон жарандар кайсы акы төлөгөн кызматты Филиалдан алып жаткандыгын билишпейт.

Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттиги менен макулдашылган келишимдин формасында 1,1 бөлүмүндө пункт 7, 1,2 колдонмо келишимдин айрылгыс бөлүмү болуп эсептелет деп көрсөтүлгөн. Филиал келишимдин бул пунктун аткарган эмес жана Кыргыз Республикасынын “Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жөнүндө” мыйзамынын бузулушуна алып келген.

**Сунуш**

Мындан ары, келишим түзүүдө милдеттүү түрдө №1 жана №2 тиркемелерди кошуу менен филиал тарабынан кандай кызматтар көрсөтүлөрү көрсөтүлсүн.

**Темир жол обьектилерин жана ташылуучу жүктөрдү аскердик кайтарууга алууну камсыз кылуу боюнча филиалы**

**Аныкталды жана корутунду**

Темир жол обьектилерин жана ташылуучу жүктөрдү аскердик кайтарууга алууну камсыз кылуу боюнча филиалынын 2022-жылдагы чыгымдарына өзүнүн ишмердүүлүгүнө тиешелүү болбогон 1127,0 миң сомдук чыгымдар камтылган.

Анын ичинен: демөөрчүлүккө кеткен чыгым 651,0 миң сом жана белекке 476,0 миң сом болуп саналат.

**Сунуш**

Ишкананын бюджетине күч келтирүүнү азайтуу максатында, ар кандай максатка ылайыксыз материалдык жана социалдык төлөмдөрдү, кайрымдуулук жана демөөрчүлүк жардамдарды кыскартуу боюнча чаралар көрүлсүн. Ушул чыгымдардын азайышына байланыштуу, эсептөөнүн негизинде пайдадан алынуучу чыгымды 10 % -112,7 миң сомго көбөйтүлүшү керек.

**“Көпүрө куруу отряды” Мамлекеттик ишканасы**

**Аныкталды жана корутунду**

“1924-жылы курулган 3749 км Беловодск-Шопоков ПК7+34 капиталдык оңдоо” объектисинде курулуш иштерин жүргүзүүдө 2022-жылдын май айында прораб Л.В. Малюкованын отчету боюнча аткарылган иштердин актысында сметалык эсеп боюнча 53,3 м3 өлчөмүндө 11193 сомдук шагыл-кум аралашмасы туура эмес эсептелип, пайдаланылбаган, мастиканын наркы жана саны эсептелбеши керек.

Ошол сыяктуу эле, 2022-жылдын май айына шагыл-кум аралашмасынын наркы прораб Л.В. Малюкованын отчетунда түтүктөрдү алмаштырууда “Беловодск-Шопоков участогунда курулган 3749 км ПК 7 + 34 лоток 1924 капиталдык оңдоо” объектисинде курулуш иштери жүргүзүлгөн.

Аткарылган иштердин актысында сметалык эсеп боюнча Мамлекеттик өрткө каршы кызматы тарабынан 33,3 кг өлчөмүндө 3996 сом өлчөмүндө туура эмес колдонуунун натыйжасында пайдаланылбаган, мастиканын наркы жана саны пайдаланылбашы керек болчу эсептен чыгарылган.

Отчет берүүчү адамдардын отчетторунда битум мастиктин наркы колдонулган жана ашыкча эсептөөнүн натыйжасында 15,2 миң сом эсептен чыгарылган.

**Сунуш**

15,2 миң сомго битум мастиктин наркы колдонулган жана ашыкча эсептен чыгарууга жол берген отчет берүүчү адамдардын отчеттору түзөтүү өткөрүүлөрүн жүргүзүү менен ылайык келтирилсин.

**Аныкталды жана корутунду**

Аудиттин жыйынтыгында компания өндүрүштө пайдаланылбаган унаалардын санын көбөйтүү фактыларын аныктаган.

2022-жылдын 1-январына карата запастык тетиктердин запасы 17285,2 миң сомду, ал эми 2022-жылдын 31-декабрына карата 43764,3 миң сомду түзгөн. Ошол эле учурда ишканада бульдозер Т-330 жана KS4361A краны бар экенин, бул унаалар 2013-жылдан 2017-жылга чейинки мезгилде сатылып алынганын жана бул аудит жүргүзүлгөн мезгилге чейин (30.05.2023-жылга чейин) пайдаланылбаганын баса белгилей кетүү керек, башкача айтканда, алар 5-10 жылдын ичинде пайдаланылган эмес. Өз кезегинде, бульдозер Т-330 сатып алуу абдан кымбат болгондуктан, так эмес пландаштыруунун натыйжасы менен түшүндүрүлөт.

Ошентип, жогоруда айтылгандардан техникаларга муктаждыкты негиздебестен, бульдозердин эксплуатациялык мүнөздөмөлөрү эске алынбастан сатылып алынгандыгы, натыйжада кампадагы өтүмсүз запастар наркын көбөйтүп жатат.

**Сунуш**

Негизги каражаттарды жана товардык-материалдык запастарды толук инвентаризациялоону жүргүзүү жана анын жыйынтыгы боюнча Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарынын талаптарына жана “Кыргыз темир жолу” УК” МИсинин эсептик саясатына ылайык негизги каражаттардын жана товардык-материалдык запастардын ликвиддүү эмес запастарын андан ары эсепке алуунун максатка ылайыктуулугу каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” мыйзамынын 51-беренесин бузуу менен, мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболорун өткөрбөстөн “Оомат Строй Компани” ЖЧКсы, №56 “Антарес ЛТД”, жеке ишкер Исакова Деливерис жана “Көпүрө куруу отряды” мамлекеттик ишканасынын ортосунда 2263,7 миң сомго товардык-материалдык баалуулуктарды сатып алуу боюнча 17.02.2022-жылы №38 келишим түзүлгөн.

**Сунуш**

Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу” токтомунун талаптары сакталсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Аткарылган курулуш-монтаждоо иштеринин ишенимдүүлүгү жана негиздүүлүгү боюнча төрт операция, тандап алуу текшерүүнүн жыйынтыгы

боюнча “Көпүрө куруу отряды” МИси тарабынан аткарылган иштердин актысы жана аткарылган иштердин наркынын актысы боюнча жумушчулардын жана механизаторлордун эмгек акысына райондук Н-15 коэффициент 1,15 жана Н-16 коэффициенттерин 1,15 өлчөмүндө негизсиз пайдалануу Бишкек жана Ош шаарларынан башка райондордо гана колдонулуп, тартип бузуу болуп саналат жана натыйжада 1696,3 миң сом өлчөмүндөгү ашыкча негизсиз төлөмдөр жүргүзүлгөн.

**Сунуш**

“Кыргыз темир жолу” УК” МИнин заказчысына аткарылган иштердин көлөмүнөн 1696,3 миң сом чыгарып, өз ара эсептешүү актысы түзүлсүн.

**Жол чарбасы боюнча филиалы**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 11-сентябрындагы №468 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик ишканалар жөнүндө” жобонун 3-главасынын 18-пунктунун талаптары толук аткарылган эмес.

Филиалдын максаттары жана негизги иш-чаралары, өнүктүрүүнүн келечектүү пландары, финансылык жана уюштуруучулук пландары жөнүндө маалымат жок.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 11-сентябрындагы №468 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик ишканалар жөнүндө” жобонун 3-главасынын 18-пунктунун талаптарынын аткарылышы камсыз кылынсын.

**Аныкталды жана корутунду**

2022-жылы Филиалдын каражаттарын 2483,0 миң сом өлчөмүндө кайрымдуулук жана демөөрчүлүк төлөмдөргө чыгымдоо менен максатсыз пайдаланууларга жол коюлган.

**Сунуш**

Филиалдын бюджетин оптималдаштыруу максатында кайрымдуулук жана башка демөөрчүлүк төлөмдөрдү кыскартуу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

2022-жылдын 31-декабрына карата дебитордук карыз 5340,0 миң сомду түзүп, жылдын башына салыштырмалуу 4081,0 миң сомго көбөйгөн.

**Сунуш**

Дебитордук карыздарды өз убагында жабуу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Түштүк бөлүмү**

**Аныкталды жана корутунду**

2022-жылга “Кыргыз темир жолу” Улуттук компания” Мамлекеттик ишканасынын Түштүк бөлүмүнүн Кыргыз темир жолун өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасын ишке ашырууга каражаттардын жетишсиздиги менен, “Кыргыз темир жолу” Улуттук компания” Мамлекеттик ишканасынын Түштүк бөлүмүнүн кызматкерлерине **13122,7 миң сом**

суммасындагы сый акыга жана сыйлоого, пенсияга чыкканда бир жолку төлөмдөр; белектерди сатып алуу жана жаңы жылдык майрамдарды өткөрүү, медикаменттер, жолдомолор үчүн, темир жолчу күнүнө карата белектер төлөнгөн.

**3452,0** миң сом суммасындагы демөөрчүлүк жардамы темир жолдун эмгек ардагерлерине, темир жолдун эмгек сиңирген ардагерлерине, темир жолчулардын майрам күндөрүнө карата сый акы,карылар күнүнө, майыптар күнүнө; пенсионерлерге көмүр берүү, ардагерлер кеңешине; ардагерлер кеңешинин төрагасына; энелер күнүнө; 80,85 жаш даталуу күндөргө; арыздын негизинде материалдык жардам; жамааттык келишим боюнча; профсоюздарга 0,4 % чегерүүлөр, профсоюздарды күтүү боюнча чыгымдар, жаңы жылды тосууга төлөнгөн.

**Сунуш**

“Кыргыз темир жолу” Улуттук компания” Мамлекеттик ишканасынын Түштүк бөлүмүнүн бюджетине күч келтирүүнү азайтуу максатында, ар кандай максатка ылайыксыз материалдык жана социалдык төлөмдөрдү, кайрымдуулук жана демөөрчүлүк жардамдарды кыскартуу боюнча чаралар көрүлсүн.

Кыргыз Республикасынын темир жол тутумуна кирбеген Допрофсож, Рабпрофсож, уюмдарды жана мекемелерди күтүү практикасы токтотулсун.

**Аныкталды жана корутунду**

“Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын Түштүк бөлүмү тарабынан 2022-жыл ичинде профсоюздук взносторду кызматкерлердин эсебинен кармалып профсоюз комитетине которулгандан тышкары, ишкананын кызматкерлерине санаториялык курортторго 1572,1 миң сомго путевка сатып алууга которулган.

Анын ичинен:

Темир жолчулардын жана транспорт куруучулардын профсоюзунун 2022-жылдын 7-июнундагы № 1 счет фактурасына негиз 1231,2 миң сом, 4-июлундагы № 2 счет фактурасына негиз 50,4 миң сом, 19-июлундагы № 3 счет фактурасына негиз 57,6 миң сом, 15-августундагы № 4 счет фактурасына негиз 57,6 миң сом жана 145,0 миң сом которулуп, путевкалар алынган. Андан тышкары, 30,0 миң сом Жалал-Абад санаториясына ашыкча которулган.

**Сунуш**

Жалал-Абад санаториясынан ашыкча которулган 30,0 миң сом өндүрүлүп алынсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын ченемдерин колдонбостон, 1448,9 миң сом отчет берүүчү адамдарга акча каражаттары берилип, товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр сатылып алынган.

Анын ичинен: кызматкерлердин банктык карточкалары аркылуу 1029,8 миң сом жана накталай акча каражаттары менен ишкананын кассасы аркылуу 419,1 миң сом берилген.

Аудиттин жүрүшүндө, тендердик конкурс өткөрүлбөстөн баары болуп 187,0 миң сомдук күйүүчү майды сатып алууга тийиштүү кызматкерлердин банктагы эсебине жана касса аркылуу накталай акча каражаттары берилген.

**Сунуш**

Мындан ары, финансылык планында каралбаган сумманы чыгымдоого жол берилбесин.

Отчёт берүүчү адамдарына суммаларды накталай акча каражаттары менен ишкананын кассасы аркылуу берүү практикасы токтотулсун.

**Аныкталды жана корутунду**

“Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын Түштүк бөлүмүнүн 2022-жылдын 1-мартындагы № 03-02-/26 буйругуна негиз, 2022-жылдын 1-мартына карата ишкананын материалдык камсыздоо бөлүмүнүн кампасына инвентаризация жүргүзүлгөн. Жүргүзүлгөн инвентаризациянын жыйынтыгында 1895,2 миң сомго товардык материалдык баалуулуктардын жетишпестиги аныкталган. Анын ичинен: 519,2 миң сомдук товардык материалдык баалуулуктары ишкананын колдонуусунда болгону бухгалтериянын берген маалыматына негиз аныкталган, ал эми 1375,9 миң сомдук товардык материалдык баалуулуктардын жетишпестиги боюнча Кыргыз Республикасынын транспорттук прокуратурасына берилип, прокуратуранын эсебине 1375,9 миң сом түшкөн. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы тарабынан 552,6 миң сом республикалык бюджетке 887,1 миң сом ишкананын эсебине которулган.

“Кыргыз темир жолу” УК” МИнин Мамлекеттик ишканасынын Түштүк бөлүмүнүн 552,6 миң сому республикалык бюджеттин эсебинен которулгандыгына байланыштуу ишканага кайтарылууга жатат.

**Сунуш**

“Кыргыз темир жолу” УК” мамлекеттик ишканасынын Түштүк бөлүмүнүн 552,6 миң сому республикалык бюджеттин эсебинен ишканага кайтарылууга жатат.

**Аныкталды жана корутунду**

Директорлордун жана кызматчылардын дебитордук карыздары (1520) боюнча 2022-жылдын башына 239,0 миң сомду, ал эми 2022-жылдын аягына 436,0 миң сомду түзүп, жылдын башына салыштырмалуу жылдын аягына 197,0 миң сомго жогорулатылган.

“Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын Түштүк бөлүмүнүн 2710 “Алынган векселдер” эсебинде 2021-жылдын 31-декабрына карата “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын Түштүк бөлүмүнүн бухгалтердик балансына карыз катарында туура эмес көрсөтүлгөн. 1С бухгалтерия маалымат базасына ылайык, К. Маткурбановдун карызы “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын Түштүк филиалынан карызы катары чагылдырылган.

К. Маткурбановдун дебитордук карызы 2021-жылдын 31-декабрына карата 12 713,6 миң сомду түзгөн, жыл ичинде 12,0 миң сом төлөнүп жылдын аягына 12 701,6 миң сом карызы калган.

**Сунуш**

К. Маткурбановдун 12 701,6 миң сом дебитордук карызын өндүрүү боюнча комплекстүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

“Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын Түштүк бөлүмүнүн бухгалтердик балансына кыска мөөнөттүү милдеттенме боюнча төлөнө турган 3100 эсебинде 2022-жылдын башына 164 877,0 миң сомду түзүп, 2022-жылдын аягына 217 804,0 миң сом болгон жана 52 927,0 миң сомго кредитордук карыздар жогорулатылган.

**Сунуш**

“Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” Мамлекеттик ишканасынын Түштүк бөлүмүнүн жооптуу кызматкерлери тарабынан кыска мөөнөттүү милдеттенмелерди төлөө боюнча иш чаралар иштелсин жана жылдын аягына кыска мөөнөттүү милдеттенмелердин жогорулатышына жол берилбесин.

**Аныкталды жана корутунду**

2022-жылдын башына ижарачылардын ижара акыдан 232,2 миң сом дебитордук карыздары болгон, ал эми жыл ичинде 2146,6 миң сом эсептелинип, жыл ичинде 2556,0 миң сом өндүрүлүп, ижарачылардын эсебинен 177,2 миң сом дебитордук карыздар өндүрүлүүгө жатат.

**Сунуш**

2022-жылдын аягына ижара акыдан 177,2 миң сом дебитордук карыздары тийиштүү ижарачылардын эсебинен өндүрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

“Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын Түштүк бөлүмүнүн кызматкерлерине 2022-жылга сый акыга жана сыйлоого, пенсияга чыкканда бир жолку төлөмдөр, белектерди сатып алуу жана жаңы жылдык майрамдарды өткөрүү, медикаменттерге, жолдомолор үчүн жана темир жолчу күнүнө карата белектерге баары 13122,7 миң сомго чыгымдар жүргүзүлгөн,

Ошондой эле, 3452,0 миң сом суммасындагы демөөрчүлүк жардамы көрсөтүлгөн темир жолдун эмгек ардагерлерине, темир жолдун эмгек сиңирген ардагерлерине, темир жолчулардын майрам күндөрүнө карата сый акыга, карылар күнүнө, майыптар күнүнө, пенсионерлерге көмүр берүүгө, ардагерлер кеңешине жана ардагерлер кеңешинин төрагасына, энелер күнүнө, 80, 85 жаш даталуу күндөргө, арыздын негизинде материалдык жардамга, профсоюздарга 0,4 % чегерүүлөргө, профсоюздарды күтүү боюнча чыгымдарына, жаңы жылды тосууга төлөнгөн.

**Сунуш**

“Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын Түштүк бөлүмүнүн бюджетине күч келтирүүнү азайтуу максатында, ар кандай максатка ылайыксыз материалдык жана социалдык төлөмдөрдү, кайрымдуулук жана демөөрчүлүк жардамдарды кыскартуу боюнча чаралар көрүлсүн.

Кирешелер, “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын Түштүк бөлүмүнүн темир жол транспортун өнүктүрүү менен байланышкан өндүрүштүк чыгымдарга багытталсын.

Кыргыз Республикасынын темир жол тутумуна кирбеген Допрофсож, Рабпрофсож, уюмдарды жана мекемелерди күтүү практикасы токтотулсун.

**Аныкталды жана корутунду**

“Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын Түштүк бөлүмүнүн 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча бухгалтердик балансте жеке адамдардын кирешесинен киреше салыгы 3420-эсеби боюнча жылдын башына 1842,0 миң сом жана жылдын аягына 2164,0 миң сом салык кирешесинен карызы көрсөтүлгөн.

Аудит мезгилине, салык башкармалыгына салык кирешеси боюнча тапшырылган отчетунда 2022-жыл ичинде 20 638,9 миң сом эсептелинген, ишкана тарабынан жыл ичинде салык кирешесине 20 322,3 миң сом которулуп берилген жана жылдын аягына 316,6 миң сомго кызматкерлерден кармалган салык кирешеси аз которулуп, жылдын башындагы карызы жогорулатылган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы № 231 токтому менен бекитилген Ишкердик субъекттердин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерден башкасынын) финансылык-чарбалык ишинин бухгалтердик эсебинин эсептик планын колдонуу боюнча нускаманын талаптары боюнча, Отчеттук мезгилдин акырына карата 1530, 1540, 3400 эсептеринин сальдосу Салык кызматы менен салыштыруу актысында ырасталууга тийиш болсо, “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын Түштүк бөлүмү тарабынан салыштыруу актысы түзүлгөн эмес.

“Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын Түштүк бөлүмү тарабынан 2022-жылга шаардык жана райондук салык башкармалыктары менен социалдык камсыздандырууга чегерилген төгүмдөр боюнча салыштырмалуу актысы түзүлгөн эмес.

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” Мыйзамынын талаптары боюнча мамлекеттик социалдык камсыздандыруу фондунан 2022-жылдын бухгалтердик балансында “Социалдык камсыздандырууга чегерилген төгүмдөр” 3530 эсебинде жылдын башына 5517,0 миң сом карызы болгон, ал эми жылдын аягына 6514,0 миң сом карызы көрсөтүлүп, жылдын башына караганда 997,2 миң сомго карызы көбөйгөн.

Анын ичинен: Кыргыз “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” Мыйзамынын 2-беренсинин 2-пунктунун талаптарын бузуу менен атайын каражаттардын эсебинен кызматкерлерге төлөнгөн эмгек акынын эсебинен Мамлекеттик пенсиялык топтоо фондуна 2 пайыз кармалуусу каралган, аудитке берген маалымат боюнча кызматкерлердин эсебинен  Мамлекеттик пенсиялык топтоо фондуна 2 пайыз кармалганы отчет боюнча 3856,8 миң сомду түзөт,

ишкана тарабынан Мамлекеттик пенсиялык топтоо фондуна 3802,3 миң сом которулуп, 54,5 миң сом которулбай калган.

**Сунуш**

Мамлекеттик пенсиялык топтоо фондуна 54,5 миң сом которулбай калганы такталсын.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы № 231 токтому менен бекитилген "Ишкердик субъекттердин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерден башкасынын) финансылык-чарбалык ишинин бухгалтердик эсебинин эсептик планын колдонуу боюнча нускаманын" талаптарына ылайык, Салык башкармалыктары менен салыктын ар бир түрлөрү боюнча жана Социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча салыштырмалуу актылары түзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик ишканаларынын балансында турган негизги каражаттарды эсептен чыгаруу тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" 2014-жылдын 22-июлундагы № 407 токтому боюнча ишкананын балансында турган негизги каражаттарды эсептен чыгаруу боюнча "Кыргыз темир жолу" улуттук компаниясы" мамлекеттик ишканасынын Түштүк бөлүмүнүн башчысынын 2022-жылдын 15-январындагы № 01-01/1 буйругу кабыл алынган.

Жогорудагы чыгарылган буйруктун аткарылышы боюнча, ишкананын балансында турган негизги каражаттарды эсептен чыгаруу боюнча аудитке берилген маалыматка ылайык, негизги каражаттарды эсептен чыгаруу үчүн тийиштүү актылары жана башка иш кагаздары түзүлгөнү менен комиссия мүчөлөрүнүн бирөөсү гана кол койгон калган комиссия мүчөлөрү актыларга кол койгон эмес. Жыйынтыгында буйрук чыгарылган боюнча так жана толук иштер, түзүлгөн комиссия тарабынан аткарылган эмес.

Андан сырткары, "Кыргыз темир жолу" улуттук компаниясы" мамлекеттик ишканасынын Түштүк бөлүмүнүн балансында турган негизги каражаттардын көпчүлүгүнүн эскилиги жеткендигине байланыштуу, комиссияны кайрадан түзүп, ишкананын балансасында турган негизги каражаттарды эсептен чыгаруу боюнча иш жүргүзүлүүсү зарыл.

**Сунуш**

"Кыргыз темир жолу" улуттук компаниясы" мамлекеттик ишканасынын Түштүк бөлүмүнүн балансында турган негизги каражаттардын көпчүлүгүнүн эскилиги жетип эсептен чыгарууга жаткандыгына байланыштуу, комиссияны кайрадан түзүп, балансында турган негизги каражаттарды эсептен чыгаруу боюнча иш жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

"Кыргыз темир жолу" улуттук компаниясы" мамлекеттик ишканасынын Түштүк бөлүмүнүн карамагында негизги каражаттары боюнча Жалал-Абад шаарынын Спутник кичи районунун Женижок көчөсүндө №40/17 жайгашкан 3 комнаталуу 58,4 кв.метр баштапкы балантсык баасы

19,5 миң сомдук кызматтык квартирасы бар. Маалымат катарында, Жалал-Абад шаарынын Женижок көчөсүндөгү №40/17 жайгашкан 3 комнаталуу 58,40 кв.метр квартирада ишкананын мурдагы кызматкери, азыр пенсионер К.А. Оркоонвко кызматтык пайдалануу үчүн берилген. ("Кыргыз темир жолу" улуттук компаниясы" мамлекеттик ишканасынын Түштүк бөлүмүнүн карамагындагы квартирасын мурдагы кызматкери К.А. Орконовту кызматтык квартирадан чыгаруу боюнча Жалал-Абад шаардык сотуна кайрылышкан, бүгүнкү күндө сот процесстери жүрүүдө)"Кыргыз темир жолу" улуттук компаниясы" мамлекеттик ишканасынын Түштүк бөлүмүнүн карамагында квартирасы туруп, "Кыргыз темир жолу" улуттук компаниясы" мамлекеттик ишканасынын Түштүк бөлүмүнүн мурдагы жетекчиси Р.Ч. Кадыркуловтун 2022-жылдын 22-мартындагы №24а/29 келишими А.Ж. Адишова менен Жалал-Абад шаарынын Мамыр Батыр көчөсүндөгү № 40 үйдүн 113-батири 2022-жылдын 21-мартынан баштап 2022-жылдын 21-апрелине чейинки мөөнөткө, айына 20,0 миң сомдон төлөө менен ижарага алынган.

Жогорудагы келишимдин 1.2 пунктунда мөөнөтү бир айга көрсөтүлгөнүнө карабастан 2022-жылдын февраль, март, апрель, май, июнь айларына ай сайын 20,0 миң сомдон, баары болуп 100,0 миң сом акча каражаты негизсиз сарпталган.

Андан сырткары, "Кыргыз темир жолу" улуттук компаниясы" мамлекеттик ишканасынын 2022-жылдын 18-февралындагы № НОК-67/10 буйругуна негиз экономика бөлүмүнүн башкы адаиси А.М. Шаршакееваны эки айга эмгек акысын негизги иштеген жеринде сактоо менен 21-февралдан 21-апрелге чейин убактылуу "Кыргыз темир жолу" улуттук компаниясы" мамлекеттик ишканасынын Түштүк бөлүмүнө Бишкектен Ошко чейин аба учагынын жол акысын төлөө менен жиберилген. Жогорудагы буйрукта жол акысынын төлөнүүсү гана көрсөтүлгөн.

Бирок, "Кыргыз темир жолу" улуттук компаниясы" мамлекеттик ишканасынын Түштүк бөлүмүнүн эсебинен квартирада жашаган акысын төлөөгө жол берилген.

"Кыргыз темир жолу" улуттук компаниясы" мамлекеттик ишканасынын Түштүк бөлүмүнүн мурдагы жетекчиси Р.Ч. Кадыркуловтун 2022-жылдын 11-мартындагы №28 келишими П.Р. Чолпонбаев менен Жалал-Абад шаарынын Мамыр Батыр көчөсүндөгү № 40 үйдүн 113-батири 2022-жылдын 21-мартынан баштап 2022-жылдын 21-апрелине чейинки мөөнөткө айына 20,0 миң сомдон төлөө менен ишканага ижарага алынган.

Жыйынтыгында, ижарага алынган батирлер жогорудагы түзүлгөн келишимдер боюнча бир эле батир болгон, бирок бир эле батирге эки келишим түзүлүп ишкананын эсебинен 120,0 миң сом акча каражаттары төлөнгөн.

**Сунуш**

"Кыргыз темир жолу" улуттук компаниясы" мамлекеттик ишканасынын Түштүк бөлүмүнүн бюджетине күч келтирүүнү азайтуу

максатында, ар кандай максатка ылайыксыз чыгымдарды кыскартуу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Ишкананын жооптуу кызматкерлери тарабынан берген маалыматы боюнча, 2022-жылдын 1-январына карата дизелдик күйүүчү майынан кампада калган калдыгы 38568,7 кг түзгөн, жыл ичинде 1039740,77 кг дизелдик күйүүчү майы сатып алынган жана 920218,42 кг дизелдик күйүүчү май чыгымдалып, жылдын аягына 158091,05 кг калдык калыш керек болсо, жылдын аягына анык 158080,1 кг калдык калып 15 10,95 кг 1,6 миң сомдук жетишпестик чыккан.

Аудиттин жүрүшүндө, отун жана нефть продуктылары складынын башчысы У.К. Тургунбаевтин карамагындагы дизелдик күйүүчү май боюнча 2023-жылдын 1-майына карата ишкананын материалдык бухгалтеринин отчетуна негиз 139867,0 кг дизелдик күйүүчү майдын калдыктары калган. 2023-жылдын 1-майынан 24-майына карата дизелдик күйүүчү майдын чыгашасы 66598 кг, ал эми кампада 73269 кг калыш керек болсо, кампада 73149 кг калдык калганы аныкталып дизелдик күйүүчү майдын 11,1 миң сомго 120 кг жетишпестик аныкталды.

Жыйынтыгында, отун жана нефть продуктылары складынын башчысы У.К. Тургунбаев тарабынан ишкананын эсебине 2023-жылдын 20-июнундагы № 326190 накталай төлөмгө берилген квитанция менен 11,1 миң сом ишкананын банктагы эсебине төгүлгөн.

**Сунуш**

Мындан ары, дизелдик күйүүчү майдын кампадагы калдыктары жана тепловоздордогу дизелдик күйүүчү майдын иш жүзүндөгү калдыктарын эсепке алууда чыккан айырмачылыктарга, жетишпестиктерге жол берилбесин.

Аудиттин жүрүшүндө, дизелдик күйүүчү майдын жетишпестиктери боюнча ишкананын кассасына кириштелгени эске алынсын.

**Аныкталды жана корутунду**

“Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын Түштүк бөлүмүнүн 2022-жылга бухгалтердик эсептин маалыматтары боюнча жалпы суммасы 46526,9 миң сомго темир бетон шпалы жана рельстери орнотулуп оңдоо иштери жүргүзүлгөнү менен 2022-жылы 46526,9 миң сомго капиталдык иштер активдердин наркын көбөйтүү бухгалтердик балanска киргизилген эмес.

Металлолом катары андан ары пайдалануу үчүн жараксыз болуп саналган жолдун жогорку бөлүгүнүн материалдарын кириштөөдө, андан ары пайдалануу үчүн жараксыз рельстердин салмагын айкын өлчөө жүргүзүлгөн эмес. Товардык материалдык баалуулуктардын наркы болжолу менен бардыгы болуп 822,9 миң сомго, алардын ичинен мурда колдонулган Р43 маркасындагы рельстер 790,6 миң сомго жана металлолом түрүндө рельс 32,2 миң сомго төмөндөтүлгөн.

**Сунуш**

Кезектеги ондоо иштеринин чыгымдарынан 46526,9 миң сомдук капиталдык иштердин чыгымдары алынып, аны негизги каражаттар боюнча тиешелүү активдердин наркын көбөйтүүгө эсептелсин.

Белгиленген тартипте кампадагы металлоломдун салмагы айкын өлчөнсүн, Товардык материалдык баалуулуктары мурда колдонулган рельстер жана металлолом адилет нарк боюнча кайра баалансын, металлолом боюнча бухгалтердик эсеп айкын салмак маалыматтары боюнча жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

“Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын Түштүк бөлүмү 2021-жылдын 28-декабрындагы № 56 келишими “Ренессанс и Ко” жоопкерчилиги чектелген коому менен 12200,0 миң сомго 200000 литр дизелдик күйүүчү майын сатып алууга Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 51-беренесине ылайык түзүлгөн. Бирок, ушул эле берененин 2-пунктунун 10-пунктчасы боюнча келишим боюнча кепилдик мөөнөттүн болушу ишкана тарабынан аткарылган эмес.

Жогорудагы түзүлгөн келишимдин 9,1 пунктунда түзүлгөн келишимдин мөөнөтү 2022-жылдын 31-мартына чейин деп көрсөтүлгөн.

“Ренессанс и Ко” жоопкерчилиги чектелген коому тарабынан 2022-жылдын 14-январынан тартып 29-мартына чейин 126000 литр 7686,0 миң сомдук дизелдик күйүүчү майын ишканага тапшырган.

“Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын Түштүк бөлүмү тарабынан келишимдин 6,1 пунктунда Бул келишим боюнча өткөрүп берүү боюнча милдеттенмелерин аткарбаган жана/же тийиштүү түрдө аткарбаган Жеткирүүчү (поставщик) Сатып алуучуга ар бир кечиктирилген күн үчүн жеткирилбеген товардын наркынын 0,1 % өлчөмүндө айып төлөйт, бирок келишим баасынын 0,3 %дан ашпоосу каралганы боюнча эч кандай иш жүргүзүлгөн эмес.

Ошондой эле, ишкана тарабынан дизелдик күйүүчү майын сатып алууга 2022-жылдын 20-январынан тартып 21-апрелине чейин баары болуп 7784,4 миң сом акча каражаттарын банк аркылуу которуп бергени жана алынган товардын суммасы 7686,0 миң сом сумманын айырмасы 98,4 миң сомду түзөт. Башкача айтканда, алынбаган товар үчүн ишкана тарабынан 98,4 миң сом акча ашыкча которулган.

**Сунуш**

Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу” токтомунун талаптары сакталсын.

“Ренессанс и Ко” жоопкерчилиги чектелген коому менен түзүлгөн келишимдин 6,1 пунктунун талаптары толук аткарылсын.

Ишкана тарабынан алынбаган товар үчүн 98,4 миң сом акча ашыкча которулган акча каражаты “Ренессанс и Ко” жоопкерчилиги чектелген коомунан өндүрүлсүн жана ашыкча которууга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2019-жылдын 31-декабрындагы №150-П буйругу менен бекитилген Конкурстук табыштамаларды баалоо боюнча методикалык нускаманын 35-пунктуна ылайык, жеңүүчү келишимдин аткарылышына кепилдик (ГОИД) төлөп берүүгө милдеттүү. Бирок, аудитке келишимдин аткарылышына кепилдик төлөгөндүгү тууралуу квитанциялар берилген эмес. Тендердик конкурстардын жеңүүчүлөрү менен келишимди түзүүдө жогоруда көрсөтүлгөн Методикалык нускаманын 35-пункту бузулган, анда сатып алуучу уюм келишимге жеңүүчүнүн конкурстук табыштамасынын шарттарында гана кол коюуга тийиш, жеңүүчү тарабынан келишимдин аткарылышына кепилдик суммалары коюлган эмес.

**Сунуш**

Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу” токтомунун талаптары сакталсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Жүргүзүлгөн сатып алуулар, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын талаптарына ылайык келишине жүргүзүлгөн аудит тарабынан мыйзамдуулукка олуттуу шайкешсиздер аныкталган жок, бирок айрым конкурстарда келишимдерди түздөн-түз түзүү методун колдонууда, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 21-беренесинин талаптары аткарылган эмес, рыноктук бааларга мониторинг жүргүзүлгөн эмес. “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” Мамлекеттик ишканасынын Түштүк бөлүмүндө 2022-жылга тендер өткөрүлбөстөн 2149,2 миң сомдук сатып алуу жүргүзүлгөн.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 31.12.2019-жылдагы №150-б буйругу менен бекитилген Сынак билдирмелерин баалоо боюнча методикалык нускаманын 35-пунктун бузуу менен сунуштоочулар келишимди аткарууну кепилдик камсыз кылууну (ГОИД) тапшыруусуз келишимдерди түзүшкөн.

**Сунуш**

Мындан ары, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу мамлекеттик ишканаларда мамлекеттик сатып алууларды жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылардын алкагында жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

“Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасы менен анын эмгек жамаатынын ортосундагы 2020-2022-жылдарга түзүлгөн жамааттык келишиминин 5.24. пунктунда Компаниянын түзүмдүк бөлүмдөрү жана Компания Кыргызпрофсождо жана Рабпрофсождо каттоодо турган профсоюздун мүчөлөрүнүн эмгек акы фондунан 0.4 % өлчөмүндө маданий, спорттук жана саламаттыкты чыңдоо иштерин каржылоого чегерет.

Көрсөтүлгөн каражаттар кесиптик кошундар тарабынан бекитилген жана иш берүүчү менен макулдашылган смета боюнча колдонулат деп көрсөтүлгөн.

“Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын Түштүк бөлүмүнүн 2022-жылы “Дорпрофсож” жана “Рабпрофсож” коомдук профсоюз уюмдарына эмгек акы фондусунан 0,4 % өлчөмүндө чегерүүлөрдү төлөп келген, бул 2022-жылы 913,0 миң сомду түзгөн, мындан тышкары 2022-жылдарга жогоруда аталган профсоюз уюмдарын каржылаганга (эмгек акыга, материалдар, күйүүчү май, уюлдук байланыш ж.б.) төлөнөт, “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын Түштүк бөлүмүнүн кирешесинен 550,0 миң сом каржыланган.

“Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын Түштүк бөлүмүнүн темир жолун өнүктүрүүнүн стратегиялык программасын ишке ашырууга каражаты жетишсиздигине карабастан коомдук, профсоюздук органдарды каржылоого каражаттарын берүүгө жол берилген.

**Сунуш**

Коомдук профсоюздук уюмду кармоого жумшалган акча каражаттарынын чыгымдалышы токтотулсун;

Коомдук (профсоюздук) уюмга эмгек акы фондунун эсебинен 0,4 % чегерүүлөрдү токтотуу маселеси каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

“Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын Түштүк бөлүмү бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетторду алып баруу Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы № 231 токтому менен бекитилген “Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) бухгалтердик эсебиндеги документтердин жүгүртүлүшү жөнүндө” Жобого негиз жүргүзүлгөн.

Аудит объектисинде бухгалтериянын иш кагаздары боюнча отчёт - учет иштери толугу менен “1С Бухгалтерия” 8,2 программасына киргизилген.

Бирок, “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын Түштүк бөлүмү материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу бөлүмү тарабынан өткөрүлгөн тендерлердин жана түзүлгөн келишимдердин реестри “1С Бухгалтерия” программасына киргизилген эмес.

**Сунуш**

Мындан ары, материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу бөлүмү тарабынан өткөрүлгөн тендерлердин жана түзүлгөн келишимдердин реестри “1С Бухгалтерия” программасына киргизилсин.

## Вагон чарбасы боюнча филиалы

**Аныкталды жана корутунду**

2022-жылы филиалда план менен каралбаган, материалдарды (отун, көмүр) сатуудан - 1565,0 миң сом суммасындагы, ошондой эле операциялык эмес иштерден түшкөн - 3166,0 миң сом кирешелер кириштелген. 2022-жылы филиалда планында каралбаган, материалдарды сатуудан жана операциялык эмес иштерден түшкөн 4731,0 миң сом кирешелер болгон.

**Сунуш**

“Кыргыз темир жолу” УК” МИнин кийинки жылга бюджет түзүүдө, бардык келип түшүүчү каражаттар пландалсын жана бекитилсин.

**Аныкталды жана корутунду**

2022-жылы кайрымдуулук жардамына 2080,0 миң сом пайдаланылган, анын ичинен: майрам күндөрүнө карата пенсионерлерге, тылда эмгектенген пенсионерлерге, ардактуу темир жолчуларга, темир жолго эмгеги сиңген ардагерлерге, эмгек ардагерлерине 722,9 миң сом, темир жолдо иштебеген, пенсиялык куракка жеткенге чейин жеңилдетилген пенсияларды төлөөгө 50,9 миң сом, ритуалдуу чыгымдарга 30,0 миң сом, арзандатылган отундарга 459,9 миң сом, Дорпрофсож жана рабпрофсожго чегерүүлөргө 761,0 миң сом, Ардагерлер Кеңешине 55,3 миң сом.

**Сунуш**

Материалдык жана социалдык төлөмдөрдү, кайрымдуулук жана демөөрчүлүк жардамдарды кыскартуу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

“Кыргыз темир жолу” УК” МИнин вагон чарбасы боюнча филиалында 01.01.2023-жылдагы абал боюнча өндүрштөн чыккан 52276,59 кг металлолом бар, негизги каражаттарды эсептен чыгаруудан металлолом 1468,2 кг, жүргүнчүлөр вагондорун эсептен чыгаруудан металлолом 84061 кг, жүк вагондорун эсептен чыгаруудан 113433 кг.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 22.07.2014-жылдагы № 407 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик ишканаларынын балансында турган негизги каражаттарды эсептен чыгаруу тартиби жөнүндө” Жобонун 41-беренесинде, ишканаларда машиналарды, аспаптарды, жабдууларды оңдоо үчүн колдонулбаган түстүү жана кара металлдар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан ыйгарым укук берилген уюмга сатылууга тийиш деп көрсөтүлгөн.

“Кыргыз темир жолу” УК” МИнин вагон чарбасы боюнча филиалынын кампасында 4522,3 миң сом суммасын түзгөн 251238,79 кг металлолом бар (“Азия-Баалоонун” 13.04.2023-жылдагы №2394-097 маалымкатына ылайык, металл таштандыларынын наркы килограммына 18 сомду түзөт), алар азыркы убакытка чейин сатылган эмес.

**Сунуш**

“Кыргыз темир жолу” УК” МИнин вагон чарбасы боюнча филиалынын жетекчилиги, ишканада колдонулбаган кара металлды сатуу боюнча чараларды көрсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Беловодск вагон ондоо заводунун директору А. Макеев 2021-жылдын декабрында жүк вагондорун ондоо үчүн, материалдык техникалык камсыздоо боюнча филиалына 50 бирдиктеги наркы 4053,5 миң сомдук РТ-120 соргуч (поглощающий) аппараттарга заказ берген.

Ушул аудиттин учурунда №1006 кампада наркы 4053,5 миң сомдук 50 бирдиктеги РТ-120 соргуч (поглощающих) аппараттар болгон, алар колдонулган эмес, б.а. 2021-жылдын декабрынан тартып ушул кезге чейин талап кылынбай турат.

**Сунуш**

Талап кылынбаган наркы 4053,5 миң сомдук 50 бирдиктеги РТ-120 соргуч (поглощающих) аппараттардын пайда болуу себеби аныкталсын.

Талап кылынбаган товарлардын пайда болушуна жол берген кызматтагы адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

“Кыргыз темир жолу” УК” МИнин вагон чарбасы боюнча филиалы жөнүндө” Жобонун 4.2-пункутуна ылайык, “Кыргыз темир жолу” УК” МИ жогору турган орган катары түзүмдү жана штаттык жүгүртмөнү, аппараттын, филиалдардын кызматкерлеринин кызматтык эмгек акыларын жана аларга карата кошуп төлөөлөрдү бекитет.

Ошону менен бирге, “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин вагон чарбасы боюнча филиалынын 68 бирдиктеги штаттык жүгүртмөсү филиалдын начальниги Р. Студеникин тарабынан 2022-жылдын 1-февралында “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин вагон чарбасы боюнча филиалы жөнүндө” Жобонун 4.2-пункутун бузуу менен бекитилген.

**Сунуш**

Мындан ары, “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин вагон чарбасы боюнча филиалынын начальниги тарабынан штаттык жүгүртмөнү бекитүүгө жол берилбесин.

**Материалдык-техникалык камсыздоо боюнча филиалы**

**Аныкталды жана корутунду**

2019-2020-жылдарга жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйругунда, “Рабпрофсож” жана “Дорпрофсож” компанияларынын коомдук профсоюздук уюмдарынын чыгымдарын каржылоо токтотулуусу көрсөтүлгөн.

Ага карабастан 2022-жылы “Дорпрофсож” коомдук профсоюздук уюмуна 45,0 миң сом чегерилген.

**Сунуш**

Мындан ары, “Дорпрофсож” коомдук профсоюздук уюмуна чегерүүлөр токтотулсун.

**Аныкталды жана корутунду**

2018-жылдын декабрында 1746,2 миң сом суммасында 4191 даана эшикти оюп орнотулуучу кулпулар сатылып алынган. 2018-жылдан 2022-жылга чейинки мезгил аралыгында болгону 127 даана, же 3 %ы гана берилген.

01.01.2023-жылга карата көрсөтүлгөн эшиктин кулупулар (замок) 1693,3 миң сомго 4064 дааннаны түзгөн.

2018-жылы 2258,9 миң сомго 112943 даана наждак кагазы сатылып алынган. 2018-жылдан 2022-жылга чейинки мезгил аралыгында 4975 даанасы берилген жана 01.01.2023-жылга карата калдык 2157,8 миң сом суммасында 107968 дааннаны түзгөн же болгону 4 %ы берилген.

2018-жылдан тартып суроо-талапсыз жана жүгүртүүсүз төмөндөгүдөй товардык-материалдык баалуулуктар сакталып турат:

- вакуумдук дуга меши (ваакумная дуговая печь) 467,5 миң сомго 1 даана, өткөргүч меши (прокалочный печь) 320,6 миң сомго 1 даана, жумуру болот (сталь круглая) 747,1 миң сомго 8,721 тонна, курулуш мыктары 85,5 миң сомго 1328,3 кг, 3 кырдуу өгөөлөр (напильник) (2008-жылдан бери) 61,9 миң сомго 1126 даана, ширетүү (припой ПОС 40) - 1067,2 миң сомго 61 995 кг.

2016-жылдан бери өтүмсүз товарлардын тизмесинде 88,8 миң сомго 139 даана санындагы приводные клиновые курлар бар. Аларды сактоо мөөнөтү 3 жылдан 5 жылга чейин болгондуктан, бул ТМБларды колдонууга болбойт жана эсептен чыгарылууга тийиш.

01.01.2019-жылга карата “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин материалдык-техникалык камсыздоо боюнча филиалынын кампасында (коду 536606) 119,3 миң сомго 15 даана магниттик пускателдер бар. Андан ары, 10.01.2020-жылы 67,9 миң сомго дагы 10 даана сатылып алынган. Анын натыйжасында, аудит учурунда алардын пайдаланылбаган калдыгы баары 25 даана 187,2 миң сомду түзгөн. Пайдаланылбаган жана талап кылынбаган товарлардын жалпы наркы 6876,9 миң сомду түзгөн.

Мамлекеттик ишкананын финансылык ресурстары тапшырылган натыйжаларга жетүүнү камсыздабастан, натыйжасыз колдонулган. Анын натыйжасында, товардык материалдык баалуулуктар жөн гана кампаларда сакталып турат, кээ бир учурда абдан аз санда гана берилип турат. Бул учурда, талап кылынбаган жана колдонулбаган товарлардын суммасы 6876,9 миң сомду түзгөн.

Сунуш

“Кыргыз темир жолу” УК” МИнин материалдык-техникалык камсыздоо боюнча филиалы жөнүндө жобонун 3.6-пункту материалдык баалуулуктардын өтмө корлорунун ченемдеринин сакталышына, филиалдын материалдык кампаларындa материалдардын, жабдуулардын, запастык бөлүктөрдүн жана башка материалдык ресурстардын ченемден ашык калдыктарынын аныкталышына, өтүмсүз товарлардын белгиленген тартипте кайрадан бөлүштүрүлүшүнө жана сатылышына контролдоо жүргүзүлсүн.

Пайдаланылбаган жана талап кылынбаган товарларды сатып алууга жол берген жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Президентинин “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруусуна санариптик технологияларды киргизүүнү активдештирүү боюнча кечиктирилгис чаралар жөнүндө” 2020-жылдын 17-декабрындагы № 64 Жарлыгынын 2-пунктуна ылайык, төмөндөгүдөй сунушталган:

- 2021-жылдын 1-мартына чейин “Түндүк” ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасы аркылуу мамлекеттик (муниципалдык) органдардын санариптик өз ара аракеттенүүсү жана Мамлекеттик электрондук кызмат көрсөтүүлөр порталы аркылуу кызмат көрсөтүүлөрдүн административдик жол-жоболоруна толук реинжиниринг жүргүзүүнү, аларды электрондук форматка өткөрүүнү эске алып, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн стандарттарына жана административдик регламенттерине өзгөртүүлөрдү киргизүү;
- 2021-жылдын 31-декабрына чейин кагаз жүзүндөгү документ жүгүртүүнү болтурбоо боюнча зарыл чараларды көрүп, 2021-жылдын 1-январынан баштап электрондук документ жүгүртүү системасын киргизүүнү баштоо жана мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинде документ жүгүртүүнү электрондук форматта жүргүзүү.

Алсак, филиалдардын жана бөлүмдөрдүн табыштамаларына ылайык, “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин материалдык-техникалык камсыздоо боюнча филиалы тарабынан 1830,4 миң сомго 5000 даана кеңсе кагаздары сатылып алынган, анын ичинен 1835 даанасы колдонулган, 01.01.2023-жылга карата калдык 1158,6 миң сомго 3165 даананы түзгөн.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Президентинин “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруусуна санариптик технологияларды киргизүүнү активдештирүү боюнча кечиктирилгис чаралар жөнүндө” 2020-жылдын 17-декабрындагы № 64 Жарлыгынын кагаз документтерин жүгүртүүнү алып салуу бөлүгүнүн талабы аткарылсын.

**Аныкталды жана корутунду**

“Сервис Ком” ЖЧКсынын 2021-жылдын декабрь айынан бери металл үчүн дебитордук карызы 638,2 миң сомду түзгөн.

“Кыргыз темир жолу” УК” МИнин материалдык-техникалык камсыздоо боюнча филиалы тарабынан дебитордук карызды өндүрүү боюнча иштер жүргүзүлгөн эмес.

Аудиттин жүрүшүндө “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин материалдык-техникалык камсыздоо боюнча филиалынын “Айыл Банк” ачык акционердик коомундагы ишкананын эсептешүү эсебине 638,2 миң сом накталай акча каражаты дебитордук карыз өндүрүлдү. Анын ичинен: 2023-жылдын 3-июлунда № 4681-кассалык ордери менен 400,0 миң сом жана 4-июлунда №882-кассалык ордер менен 238,2 миң сом кириштелген.

**Сунуш**

Материалдык-техникалык камсыздоо боюнча филиалы тарабынан дебитордук карыздарын өз убагында өндүрүү боюнча иш жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

“Кыргыз темир жолу” УК” МИнин Материалдык-техникалык камсыздоо боюнча филиалынын жетекчилиги тарабынан Граждандык кодекстин 408-беренесин бузуу менен, аукцион өткөрбөстөн туруп, “Атом групп” ЖЧКсынын директору А.И. Ахмеджанов менен, 4575,0 миң сомго 610 тонна кара жана түстүү металлдарды, темир сыныктарын сатуу жөнүндө 2020-жылдын 30-декабрында №1/2 келишими түзүлгөн. Көрсөтүлгөн келишим келишимдерди каттоо журналында катталган эмес. Ошону менен бирге, 30.12.2020-жылдагы келишим боюнча “Кыргыз темир жолу” УК” МИден сатып алынган металлоломду ташуу боюнча А.И. Ахметжановдун атына жазылган, башкы директор В.А. Дашковдун колу менен, 27.01.2021-жылдагы №13-17/06 “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин ишеним каты бар. Андан ары, “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин материалдык-техникалык камсыздоо боюнча филиалы “Атом групп” ЖЧКсына ишеним катты талап кылуунун ордуна, 93655 кг габариттүү эмес болот ломду “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин вагон чарбасы боюнча филиалынан алууга карата 29.01.2021-жылдагы №1 ишеним катты А.И. Ахметжановго берет. “Атом групп” ЖЧКсына берилген 29.01.2021-жылдагы №1 “А” ишеним катты каттоо китебине жазуу кезексиз жүргүзүлгөн, алуучунун кол тамгасы жок.

Көрсөтүлгөн эсеп фактураларда филиалдын начальнигинин жана башкы бухгалтердин колу коюлган, ал эми “Атом групп” ЖЧКсынын кызматтык адамдарынын кол тамгалары жок.

697,7 миң сом суммасында 93655 кг габариттүү эмес болот лому боюнча 29.01.2021-жылдагы №273 Которуштуруу жөнүндө коштомо кагазда кладовщик Т. Дунганов менен А.И. Ахмеджановдун колу бар.

Жыйынтыгында, “Атом групп” ЖЧКсынын директору А.И. Ахмеджанов 29.01.2021-жылдагы №1 “А” ишеним каттын негизинде, “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин вагон боюнча филиалынан 702,4 миң сомго 93655 кг габариттүү эмес болот ломун алган.

Ушундай эле, “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин Материалдык-техникалык камсыздоо боюнча филиалынын 10.02.2021–жылдагы №11ишеним каты боюнча “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин вагон боюнча филиалы А.И. Ахмеджановго 529,2 миң сомго 71030 кг габариттүү эмес болот ломун берген (26.02.2020-жылдагы №304 эсеп фактура жана 19.02.2020-жылдагы №437 которуштуруу).

Ошентип, “Атом групп” ЖЧКсына 1235,1 миң сом суммасында 164685 кг габариттүү эмес болот лом берилген, бирок “Атом групп” ЖЧКсынан акча каражаттары келип түшкөн эмес. Буга байланыштуу, “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин Материалдык-техникалык камсыздоо боюнча филиалынын юридикалык бөлүмү “Атом групп” ЖЧКсына 17.09.2021-жылдагы №23-848 доону жөнөткөн, бирок ага жооп келген эмес.

“Атом групп” ЖЧКсы боюнча 1235,1 миң сомдук 164685 кг металлолом үчүн 2023-жылдын 1-январына карата дебитордук карызы бар.

**Сунуш**

“Кыргыз темир жолу” УК” МИнин Материалдык-техникалык камсыздоо боюнча филиалынын жетекчилиги “Атом групп” ЖЧКсынан 1235,1 миң сомдук дебитордук карызды өндүрүү боюнча зарыл чараларды көрсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

“Жанар Электроник” ЖЧКсына картриждерге техникалык кызмат көрсөтүү боюнча 2023-жылдын 1-январына карата 37,0 миң сом суммасында дебитордук карызы бар. “Жанар Электроник” ЖЧКсы өз учурунда кызмат көрсөткөн жана 2022-жылдын 27-апрелинде 37,4 миң сом суммасындагы эсеп фактурасын филиалдын 2-категориядагы инженери А. Шеримбековага берген.

Бирок, филиалдын 2-категориядагы инженери А. Шеримбекова “Жанар Электроник” ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштери боюнча актысын жана эсеп фактурасын ишканаын бухгалтериясына убагында берилбегендиктен, дебитордук карыз катарында эсептелингени аудит учурунда аныкталып, ушул жүргүзүлгөн аудит учурунда, дебитордук карыз боюнча бухгалтерияга тийиштүү иш кагаздары кабыл алынып, дебитордук карыз жабылган.

**Сунуш**

Мындан ары, дебитордук карыздын пайда болушуна жол берилбесин.

**Жүктөө-түшүрүү иштерин камсыздоо боюнча филиалы**

**Аныкталды жана корутунду**

“Кыргыз темир жолу” УК” МИнин филиалдары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйругу менен, максатсыз ар кандай материалдык жана социалдык төлөмдөрдү төлөө, кайрымдуулук жана демөөрчүлүк жардамдарды көрсөтүүнү кыскартуу сунушталган (5.5.1-пункт).

Ошону менен бирге, 2022-жылы жүктөө-түшүрүү иштерин камсыздоо боюнча филиалы 3603,0 миң сомдук материалдык жардам жана 516,0 миң сомдук демөөрчүлүк жардам көрсөткөн.

Жүктөө-түшүрүү иштерин камсыздоо боюнча филиалы 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча 10084,0 миң сом суммасында зыяндуу болуп туруп, 4119,0 миң сом суммасында материалдык жана демөөрчүлүк жардам көрсөткөн.

**Сунуш**

Жүктөө-түшүрүү иштерин камсыздоо боюнча филиалынын бюджетине күч келүүнү азайтуу максатында, максатсыз ар кандай материалдык жана социалдык төлөмдөрдү төлөө, кайрымдуулук жана демөөрчүлүк жардамдарды көрсөтүүнү кыскартуу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

“Кыргыз темир жолу” УК” МИнин жүктөө-түшүрүү иштерин камсыздоо боюнча филиалынын балансында 210,0 миң сом суммасында аягына чыгарылбаган курулуш (имарат) бар, анын курулушу 2012-жылы башталган.

Аягына чыгарылбаган курулуштун (имараттын) чатыры жок, аба ырайынын шарттарынан улам пайдубал отура баштаган, кирпич дубалдары бузулган.

**Сунуш**

“Кыргыз темир жолу” УК” МИнин жүктөө-түшүрүү иштерин камсыздоо боюнча филиалынын жетекчилиги 210,0 миң сом суммасындагы аягына чыгарылбаган курулушту (имаратты) курууну улантууну же аны демонтаждоо боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Аудит тарабынан, “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин жүктөө-түшүрүү иштерин камсыздоо боюнча филиалынын кампаларында талап кылынбаган товардык-материалдык баалуулуктардын болгондугу аныкталган. Алсак, 2006-жылдан бери 90,6 миң сом суммасында эмаль өткөргүчтөрү, 2014-жылдан бери 32,0 миң сомдук бир барабан, 2016-жылдан бери 254,7 миң сомдук 1 даана спрейдера Фантузи башкаруунун электр төлөмү, 2017-жылдан бери 1254,8 миң сомго 8 даана крандын дөңгөлөктөрү сакталып турат. Талап кылынбаган товарлардын жалпы суммасы 1632,1 миң сомду түзөт.

Кампаларда жалпы суммасы 1632,1 миң сомду түзгөн талап кылынбаган товардык-материалдык баалуулуктар пайда болгон, бул болсо, реалдуу керектөө жок туруп, товардык-материалдык баалуулуктарды сатып алууга мамлекеттин каражаттарын рационалдуу эмес пайдалануунун жыйынтыгы болуп эсептелет.

**Сунуш**

“Кыргыз темир жолу” УК” МИ менен бирге, талап кылынбаган товардык-материалдык баалуулуктарды сатуу жана эсептен чыгаруу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

“Кыргыз темир жолу” УК” МИнин башкы директорунун 26.10.2022-жылдагы №870 “Негизги каражаттарды эсептен чыгаруу жөнүндө” буйругу менен, 17 бирдиктеги автотранспорт каражаттары эсептен чыгарылган.

Ушул буйруктун 2-пунктунда, эсептен чыгарылган негизги каражаттар демонтаждалсын жана ажыратылсын, андан ары пайдаланууга жарактуу түйүндөр, деталдар жана материалдар көз карандысыз баалоочу тарабынан баалансын жана кампага кириштелсин деп көрсөтүлгөн.

“Кыргыз темир жолу” УК” МИнин башкы директорунун 07.02.2022-жылы бекиткен, негизги каражаттарды эсептен чыгаруу боюнча комиссиянын протоколунда, бардык көрсөтүлгөн негизги каражаттар 100 % эскиргендиги, моделдери моралдык жактан эскиргендиги, комплектөөчү жана запастык бөлүктөрдү капиталдык оңдоо жана алмаштыруу мүмкүн эмес жана экономикалык жактан максатсыз деп көрсөтүлгөн.

“Кыргыз темир жолу” УК” МИнин башкы директордун мамлекеттик мүлктү эсептен чыгаруу жөнүндө 2023-жылдын 7-февралында бекиткен отчеттто, 17 бирдиктеги транспорт каражаттарынын болжолдуу массасы,

наркы жок жана кара металл катары бухгалтердик эсепке кириштелбестен, бардыгы болуп 56,900 тоннаны түзгөн (1710-эсеп).

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 24.06.2022-жылдагы №341 “Мамлекеттик мекемелер жана ишканалар тарабынан ажыратылган түстүү жана кара металлдардын сыныктарын жана калдыктарын кабыл алуу маселелери жөнүндө” токтому менен, Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фондунун алдындагы Объектилерди башкаруу боюнча дирекция, түстүү жана кара металлдардын сыныктарын жана калдыктарын кабыл алууну жүргүзүүчү ыйгарым укуктуу орган болуп аныкталган.

Түзүлгөн комиссия, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 22-июлундагы № 407 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик ишканаларынын балансындагы негизги каражаттарды эсептен чыгаруунун тартиби” жөнүндө жобонун 12-бөлүмүнүн 6-пунктунда талап кылынган көз карандысыз баалоочуну кыйгап өтүп, демонтаждалган негизги фонддордон алынган кара металлдын көлөмүн болжолдуу түрдө аныктаган.

**Сунуш:**

Түзүлгөн комиссия тарабынан кайрадан негизги каражаттарды (транспортту) инвентаризациялоо, кара жана түстүү металлдардын көлөмүн аныктоо, анын ичинен агрегаттардын жана тетиктердин, өзгөчө баалуу металлдарга көңүл буруу зарылчылыгы, иштен чыгарылган негизги каражаттарды тескөөдө көз карандысыз баалоочунун (эксперт) катышуу талабы каралсын.

**Жүргүнчүлөрдү тейлөө боюнча филиалы**

**Аныкталды жана корутунду:**

“Кыргыз темир жолу” УК” МИнин 2018-жылдын 17-августундагы № 409 буйругу менен “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин кызматкерлерине бир жолку материалдык жардам берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө жобосу “Кыргыз темир жолу” УК” МИси тарабынан бекитилип “Кыргызпрофсож” жана “Рабпрофсож” менен макулдашылган.

Жобого ылайык, бир жолку материалдык жардам кымбат баалуу операцияларга жана онкологиялык ооруларды дарылоого бөлүнөт.

Көрсөтүлгөн жардамдын шарттары болуп темир жол ооруканасынан оорулуу жөнүндө маалыматтын же МСЭКтен майыптыгы боюнча маалымкаты эсептелинет. Мында, функционалдык милдеттерин абийирдүү аткарган, 3 жылдан кем эмес иш стажы бар кызматкерлерге жардам көрсөтүлөт.

Финансылык жардам көрсөтүү жөнүндө келип түшкөн бардык арыздарды филиалдын жетекчиси же анын орун басары, башкы бухгалтери, кадрлар бөлүмүнүн жетекчиси, эмгек жана эмгек акы боюнча инженери, ушул тармактын профсоюздук комитетинин төрагасы кирген комиссия кароого тийиш.

Комиссия кызматкердин арызын карап, 1,0 миң сомдон 10,0 миң сомго чейин материалдык жардам көрсөтүүгө тийиш болгон материалдык жардамдын өлчөмү жөнүндө чечим кабыл алат.

Бул жобону бузуу менен “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин жүргүнчүлөрдү тейлөө боюнча филиалынын жетекчиси У.А. Нусубалиев комиссиянын чечимин талап кылбастан, профсоюздук комитеттин макулдугу менен материалдык жардам берген фактылар аныкталды.

2022-жылдын 22-апрелинде жүргүнчүлөрдү узатуучу К.С. Кудайкулов тарабынан Филиалдын башчысы У.А. Нусубалиевге арыз менен кайрылып, дарылоого байланыштуу материалдык жардам сураган. Арызда профсоюздук комитеттин макулдугу бар. Андан тышкары, Темир жол оруканасынын башкы дарыгери М.К. Султаналиевтин колу коюлган маалымкаты бар, ал катка өндүрүштүк дарыгер Н.Т. Дайырбеков 2022-жылдын 22-апрелиндеги жазылган “өнөкөт геморрой” диагнозу коюлган.

Комиссиянын чечими жок болгонуна карабай, филиалдын башчысы У.А. Нусубалиев тарабынан 10,0 миң сомду төлөп берүүгө уруксат берген.

Ал эми, темир жол ооруканасынан алынган маалыматына караганда, 2022-жылы медициналык китепчеде К.С. Кудайкуловдун жазуусу болгон эмес же 2022-жылы жүргүнчүлөрдү узатуучу К.С. Кудайкуловдун ооруканага барбаганын далилдейт. Демек, жүргүнчүлөрдү узатуучу К.С. Кудайкуловго 10,0 миң сом материалдык жардам туура эмес берилген.

Ушундай эле факт, жүргүнчүлөрдү узатуучу Т.М. Нурманбетовдон аныкталган. Тактап айтканда, 22.04.2022-жылы жүргүнчүлөрдү узатуучу Т.М Нурманбетов филиалдын жетекчиси У.А. Нусубалиевге ден соолугуна байланыштуу материалдык жардам көрсөтүү жөнүндө арыз менен кайрылган. Материалдык жардам көрсөтүү боюнча профсоюздук комитеттин макулдугу бар.

Арызга темир жол ооруканасынын өндүрүштүк дарыгери Н.Т. Дайырбековдун “өнөкөт аралаш геморрой” диагнозу коюлуп, башкы дарыгери М.К. Султаналиевдин маалымат каты тиркелет. Бирок, жүргүнчүлөрдү узатуучу Т.М. Нурманбетовдун медициналык китепчесинде “өнөкөт аралаш геморрой” диагнозу жазылган эмес.

Филиалдын башчысы У.А. Нусубалиев Комиссиянын чечими жок эле “материалдык жардам берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө” жобону бузуу менен 10,0 миң сомдук материалдык жардамга жол берген.

2018-жылдын 17-августундагы №409 буйругу менен күчүнө кирген “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин кызматкерлерине бир жолку материалдык жардам берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө” жобону бузуу менен жүргүнчүлөрдү тейлөө боюнча “Кыргыз темир жолу” УК” мамлекеттик ишканасынын филиалынын башчысы У.А. Нусубалиев комиссиянын чечими жок учурда, профсоюздук комитеттин макулдугу менен жүргүнчүлөрдү узатуучулар К.С. Кудайкулов менен Т.М. Нурманбетовго ар бирине 10,0 миң сомдон материалдык жардам берилген.

Темир жол ооруканасынын амбулаториялык картасында жүргүнчүлөрдү узатуучулар К.С. Кудайкулов менен Т.М. Нурманбетовдун жазуу жок экени аныкталды.

Жалпысынан, “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин 2018-жылдын 17-августундагы № 409 буйругу менен бекитилген Жобону бузуу менен жүргүнчүлөрдү узатуучу К.С. Кудайкулов менен Т.М. Нурманбетовго ар бирине 10,0 миң сомдон материалдык жардам берилген.

Аудит жүргүзүлгөн мезгилде 2023-жылдын 8-июнунда №174 кириш ордери аркылуу жүргүнчүлөрдү узатуучу К.С. Кадыркуловдон 9,0 миң сом, №175 кириш ордери аркылуу Т.М. Нурманбетовдон 9,0 миң сом жүргүнчүлөрдү тейлөө боюнча “Кыргыз темир жолу” УК” мамлекеттик ишканасынын филиалынын кассасына кайтарылган.

**Сунуш**

Мындан ары, материалдык жардам көрсөтүү “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин кызматкерлерине бир жолку материалдык жардам берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө” жобонун талаптарына ылайык жүзөгө ашырылсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Аудиттин алкагында көмүр кампасынын улук кампачысы Д. Чамбылова 2022-жылдын 4-ноябрында пенсионер Ж. Бердалиевага 22,0 миң сомдук 4 тонна көмүрдүн акчасын төлөтпөй филиалдын начальниги У.А. Нусубалиевдин оозеки көрсөтмөсү менен кое бергендиги аныкталды.

Жамааттык келишимдин 5.8-пунктуна ылайык, “Кыргыз темир жолу” УК” мамлекеттик ишканасынын пенсионерлерине 1 тонна көмүр бекер берилерин эске алып, пенсионер Ж. Бердалиева кассага 16,5 миң сом төлөп бериши керек.

Аудиттин жүрүшүндө, ишкананын кассасына Ж. Бердалиевадан 2023-жылдын 16-майындагы № 145 кассалык кириш ордери менен 16,5 миң сом кириштелген.

**Сунуш**

Мындан ары, кампадан берилүүчү көмүрлөр алдын ала төлөмдөр жүргүзүлгөндөн кийин берилсин.

**Аныкталды жана корутунду**

“Кыргыз темир жолу” УК” МИнин филиалдары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйругу менен, максатсыз ар кандай материалдык жана социалдык төлөмдөрдү төлөө, кайрымдуулук жана демөөрчүлүк жардамдарды көрсөтүүнү кыскартуу сунушталган (5.5.1-пункт).

Ошону менен бирге, 2022-жылы 3042,0 миң сомдук материалдык жана демөөрчүлүк жардам көрсөткөн.

**Сунуш**

Жүргүнчүлөрдү тейлөө боюнча филиалына күч келүүнү азайтуу максатында, максатсыз ар кандай материалдык жана социалдык төлөмдөрдү төлөө, кайрымдуулук жана демөөрчүлүк жардамдарды көрсөтүүнү кыскартуу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун абалы жана жүргүзүү**

Компаниянын финансылык отчету Финансылык отчеттуулуктун Эл аралык стандарттарына ылайык түзүлөт. Бухгалтердик эсеп “1С: Бухгалтерия 8,3” программасында автоматташтырылган түрдө жүргүзүлөт.

“Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасынын эсеп саясаты башкармалыктын 2003-жылдын 24-декабрындагы № 305 буйругу менен бекитилген жана бүгүнкү күнгө чейин кайра карала элек.

**Сунуш**

Азыркы учурдун талабына ылайык, “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин эсепке алуу саясаты кайрадан каралсын жана бекитилсин.

**Электр энергиясы, сигнализация жана байланышты камсыз кылуу боюнча филиалына** жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында бардык олуттуу аспекттер боюнча, аудиттин критерийлерине шайкеш келгендиги аныкталган.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын аудитору** **З.А. Сатаев**